# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН ЖЫЛДЫК ДОКЛАДЫ

КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КОНСТИТУЦИЯСЫ

КОНСТИТУЦИОННЫЙ СУД

2025 жыл

# Мазмуну

Киришүү......................................................................................................2

2025-ЖЫЛЫ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ КОНСТИТУЦИЯЛЫК МЫЙЗАМДУУЛУКТУН АБАЛЫ ЖӨНҮНДӨ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН МААЛЫМАТЫ...........................................................................................3

1. 2025-жылы Конституциялык сотко келип түшкөн кайрылууларга сереп...........................................................................................................4
2. 2025-жылы Конституциялык сот кабыл алган чечимдерге сереп................9
3. Конституциялык соттун чечимдеринин аткарылышынын абалы жөнүндө.................................................................................................13

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН ИШИН САНАРИПТИК ТРАНСФОРМАЦИЯЛОО.......................................21

"Конституциялык сот адилеттиги" автоматташтырылган маалыматтык системаны ишке киргизүү....................................................................22
Расмий сайтты жаңылоо...................................................................23

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН 35 ЖЫЛДЫГЫ...............................................................................24

КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТТУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК БААЛУУЛУКТАРДЫ ИЛГЕРИЛЕТҮҮСҮ...................................................................28

Конституциялык соттун улуттук өнөктөштөр жана коомчулук менен өз ара аракеттенүүсү.................................................................................28
Билим берүү жана илимий мекемелер менен өнөктөштүк, агартуу ишмердүүлүгү................................................................................36

ЭЛ АРАЛЫК КЫЗМАТТАШТЫК........................................................49

Конституциялык соттун эл аралык укуктук демилгелерге катышуусу..................................................................................................49

## *Киришүү*

Конституциялык көзөмөл туруктуу конституциялык түзүлүштүн негизги элементи болуп саналат жана улуттук укук системасында Конституциянын үстөмдүгүн камсыз кылуучу институционалдык механизмдин ролун аткарат.

Анын ролу учурдагы *колдонуудагы ченемдик актылар менен Конституциянын ортосундагы карама-каршылыктарды аныктоо жана жоюу эле эмес,* ошондой эле укуктук системанын ички ырааттуулугун, анын туруктуулугун жана алдын ала болжолдоо мүмкүндүгүн сактоо болуп саналат.

Өзүнө жүктөлгөн милдеттерди жүзөгө ашырууда, Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту (мындан ары – Конституциялык сот) *адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерин коргоо негиз түзүүчү баалуулук болуп саналган укуктук чөйрөнү бекемделишин камсыз кылат*.

Конституциялык көзөмөл бүгүнкү күндө ченемдик укуктук актылардын Конституцияга шайкешсиздигин жоюуга багытталган укуктук институт гана эмес, ошондой эле мыйзамды урматтоо маданиятын калыптандыруунун маанилүү инструменти болуп саналат. Ал аркылуу *Конституция ченемдик декларация деңгээлинен укуктук жөнгө салуунун жана укук колдонуунун реалдуу иштеген багыт берүүчү мейкиндигине* өтүшүн камсыз кылат.

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун 2025-жылга жылдык отчету ишмердүүлүгүнүн негизги багыттарын, келип түшкөн кайрылуулардын динамикасын, укуктук позициялардын өнүгүү тенденцияларын чагылдырат. Доклад аткарылган иштердин жыйынтыктарын гана көрсөтпөстөн, ошондой эле конституциялык көзөмөлдүн өнүгүү процесстерин, анын укуктук системага тийгизген таасирин кыйла терең түшүнүүгө багытталган.

Конституциялык сот конституциялык мыйзамдуулукту, Конституциянын үстөмдүк принцибин жана жеке адамдардын укуктарын коргоону бекемдөөнү улантат, алар анын ишинин өзгөрүлбөс багыты бойдон кала берет.

## *2025-жылы Кыргыз Республикасындагы конституциялык мыйзамдуулуктун абалы жөнүндө Конституциялык соттун Маалыматы*

2025-жылы Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту (мындан ары – Конституциялык сот) өз ишмердигинин 35 жылдыгын белгиледи, бул Кыргыз Республикасындагы конституциялык сот адилеттигинин калыптануусундагы жана өнүгүүсүндөгү маанилүү этап болуп саналат. Өткөн мезгил ичинде Конституциялык сот Конституциянын үстөмдүгүн жана түздөн-түз колдонулушун камсыздоонун негизги институту, адамдын жана жарандын конституциялык укуктары менен эркиндиктерин коргоонун кепилдиги, ошондой эле мамлекеттик бийлик механизминдеги тизгиндөө жана тең салмактуулук системасынын маанилүү элементи катары бекемделди.

Өзүнө жүктөлгөн милдеттерди ишке ашырууда, Конституциялык сот кабыл алынган чечимдери, түшүндүрмөлөрү менен корутундулары жана токтомдору аркылуу мыйзамдардын жана укук колдонуу практикасынын конституциялык принциптерге, укуктук мамлекеттин баалуулуктарына жана эл аралык укуктун жалпы таанылган ченемдерине шайкештигин камсыздайт. Муну менен конституциялык мыйзамдуулукту, укуктук аныктыкты жана укук колдонуунун бир түрдүүлүгүн бекемдөөгө багытталган туруктуу укуктук позиция калыптанат.

Конституциялык соттун ишмердиги так аныкталган конституциялык-укуктук алкактарда жүзөгө ашырылат. Анын ыйгарым укуктары Кыргыз Республикасынын Конституциясында, "Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө" конституциялык Мыйзамда жана Конституциялык соттун Регламентинде так бекитилген, бул аталган органдын конституциялык көзөмөлдү жүзөгө ашырууда институционалдык өз алдынчалыгын жана көз карандысыздыгын камсыз кылат.

Өндүрүшкө кабыл алынган кайрылууларды кароонун жыйынтыгы боюнча, Конституциялык сот чечимдерди жана корутундуларды чыгарат, алар жарыяланган учурдан тартып күчүнө кирет, акыркы болуп саналат жана даттанылууга жатпайт. Конституциялык соттун актыларынын милдеттүүлүгү бардык мамлекеттик органдарга, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына, кызмат адамдарына, коомдук бирикмелерге, юридикалык жактарга жана жеке адамдарга жайылтылат жана республиканын бүткүл аймагында кыйшаюсуз аткарылууга тийиш, бул алардын укуктук жөнгө салуу системасындагы эң жогорку юридикалык күчүн баса белгилейт.

Конституциялык соттун кароосунун предмети болгон мыйзамдардын жана башка ченемдик укуктук актылардын ченемдери анын чечимдерине ылайык келтирилгенге чейин, Конституциянын жоболору жана ченемдик мүнөзгө ээ, Конституциялык соттун өзүнүн чечимдери түздөн-түз колдонулат. Бул Конституциялык соттун актыларынын конституциялык укуктун булагы

катары өзгөчө укуктук табиятын чагылдырып, конституциялык мыйзамдуулуктун тез арада калыбына келтирилишин шарттайт.

Ишиндеги ачык-айкындуулукту жана транспаренттүүлүктү камсыз кылуу максатында Конституциялык соттун чечимдери жана корутундулары мамлекеттик бийлик органдарынын расмий басылмаларында, “Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун Жарчысында” жарыяланат, ошондой эле Конституциялык соттун расмий сайтында жайгаштырылат, бул анын укуктук позицияларынын субъекттердин кеңири чөйрөсү үчүн жеткиликтүүлүгүн камсыз кылат.


“Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” конституциялык Мыйзамды, “Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Регламенти жөнүндө” конституциялык Мыйзамды жана “Ченемдик укуктук актылар жөнүндө” Мыйзамды кошо алганда, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында Конституциялык соттун актыларын аткаруунун комплекстүү механизми белгиленген, бул алардын өз убагында жана толук ишке ашырылышына багытталган. Конституциялык соттун институционалдык жоопкерчилигинин маанилүү элементи – ал кабыл алган актылардын аткарылышына жыл сайын талдоо жүргүзүү болуп саналат. Тиешелүү маалыматтар коомчулукка маалымдоо үчүн жарыяланат, бул конституциялык көзөмөлдүн натыйжалуулугун жогорулатууга, коомдук бийликтин отчеттуулук принцибин бекемдөөгө жана укуктук мамлекетти андан ары өнүктүрүүгө өбөлгө түзөт.

## 1. 2025-жылы Конституциялык сотко келип түшкөн кайрылууларга сереп

2025-жылы Конституциялык сотко ченемдик укуктук актылардын конституциялуулугун текшерүү менен байланышкан 38 кайрылуу келип түшкөн, алардын 18и өндүрүшкө кабыл алынган. Бул статистика Конституциянын үстөмдүгүн коргоо жана конституциялык мыйзамдуулукту камсыз кылуу механизми катары конституциялык көзөмөл институтуна болгон суроо-талаптын сакталгандыгынын деңгээли жөнүндө айгинелейт.

Отчеттук мезгилдин мүнөздүү өзгөчөлүгү сот менен өз ара аракеттенүүнүн санариптик формаларынын өнүгүшү болду. Мамлекеттик органдардан жана жарандардан кайрылуулар электрондук форматта барган сайын көбүрөөк келип түшүүдө: тактап айтканда, мамлекеттик органдар тарабынан “Электрондук документ жүгүртүү системасы” (ЭДЖС) аркылуу 3 кайрылуу берилген, ал эми алдын ала тартибинде каралган 7 кайрылууну жарандар “Түндүк” мамлекеттик маалымат системасы аркылуу беришкен. Бул тенденция сот адилеттигинин санариптештирүү процессин жана конституциялык көзөмөлдүн жеткиликтүүлүгүнүн жогорулагандыгын чагылдырат.

**100 кайрылуу**





62 кайрылуу алдын ала кароо тартибинде,
38 кайрылуу конституциялык сот өндүрүшүнүн алкагында каралган




## Кайрылуулардын аймактык курамы



Кайрылууларды өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуунун негиздерин талдоо көрсөткөндөй, 2025-жылы алар, көбүнчө арыз ээлери тарабынан кайрылууларынын мазмунун түзүүдө “Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” конституциялык Мыйзамдын талаптарын аткарбагандыгы менен шартталган. Алсак, 18 кайрылуу боюнча баш тартуу алардын формасы жана мазмуну боюнча талаптардын сакталбагандыгына байланыштуу болгон, мында судьялар коллегиясы талашылып жаткан ченемдик укуктук актылардын Конституцияга ылайык келүү маселесинде анык эместикти караган эмес. 4 кайрылуу боюнча – кайта берилген кайрылууларда жаңы жүйөлөрдүн жоктугуна, ал эми 2 кайрылуу боюнча – ушуга окшош маселе боюнча мурда чыгарылган жана учурда күчүндө болгон сот актысынын болушуна байланыштуу болгон.




***18 кайрылууда*** – формасына жана мазмунуна карата талаптар сакталган эмес

***4 кайрылууда*** – кайта кайрылууда жаңы жүйөлөр келтирилген эмес

***2 кайрылууда*** – ушуга окшош маселе боюнча соттун мурда чыгарылган жана күчүн сактаган актысынын болушу

Ошол эле учурда, 2025-жылы 51 кайрылуу Конституциялык соттун компетенциясынын чектеринен тышкары талаптарды, анын ичинде мыйзам бузуулар жөнүндө билдирүүлөрдү, мамлекеттик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин жакшыртуу боюнча сунуштарды камтыган. Мындай кайрылуулар боюнча арыз ээлерине зарыл түшүндүрмөлөр берилген, бул Конституциялык соттун укуктук системадагы агартуу жана түшүндүрүү функциясы жөнүндө айгинелейт.




2025-жылы иштерди кароонун жыйынтыгы боюнча Конституциялык сот 9 чечим, 1 корутунду, 13 токтом, анын ичинде Башкы прокурордун жана жарандардын суроо-талабы боюнча мурда кабыл алынган соттун чечимдерине 2 түшүндүрмө, ошондой эле Конституциялык соттун судьялар коллегияларынын 24 аныктамасы кабыл алынган.

## 2025-жылдагы Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун актылары

| | |
|---|---|
| **9** | чечим |
| **1** | корутунду |
| **13** | токтом |
| **24** | өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө судьялар коллегиясынын аныктамалары |
| **18** | өндүрүшкө кабыл алуу жөнүндө судьялар коллегиясынын аныктамалары |

Отчеттук мезгилде Конституциялык соттун ачык отурумдарында Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин (6 иш), кылмыш-жаза мыйзамдары чөйрөсүндө 2021-жылдагы өткөөл мыйзамдын (1 иш), Кыргыз

Республикасынын Жарандык процесстик кодексинин (1 иш) жана "Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусу жөнүндө" конституциялык Мыйзамдын (1 иш) ченемдеринин Конституцияга ылайык келүүсү текшерилди. Мындан тышкары, Конституциялык сот Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан сунушталган "Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөртүү киргизүү жөнүндө" Мыйзамдын долбоору боюнча корутунду берди.

Иштерди кароонун жыйынтыктары талашылып жаткан ченемдердин конституциялуулугун тастыктоо практикасынын басымдуулугу жөнүндө айгинелейт. Алсак, 8 чечимде талашылып жаткан жоболор Конституцияга карама-каршы келбейт деп табылган, мында бир катар учурларда алардын конституциялуулугу колдонуунун белгилүү шарттары же чечимдердин жүйөлөштүрүүчү бөлүгүндө баяндалган, аныкталган конституциялык-укуктук маани менен шартталган. Мындай практика Конституциялык соттун чечмелөө функциясынын өсүп жаткан маанисин баса белгилейт. 5 чечимде Конституциялык сот укуктук аныксыздыкты жоюу жана ченемдердин конституциялык-укуктук мазмунун камсыз кылуу максатында мыйзамдык жөнгө салууну өркүндөтүү зарылдыгын көрсөткөн.

Ченемдик жоболордун конституциялык-укуктук маанисин аныктоонун түзүлгөн практикасы өзгөчө көңүл бурууга татыктуу. Мындай учурларда ченем Конституциялык сот тарабынан, биринчи кезекте чечимдин жүйөлөштүрүүчү бөлүгүндө ачып көрсөтүлгөн маанисинде Конституцияга ылайык келет деп таанылат. Мындай мамиле укук колдонуу практикасында ченемди конституциялык эмес деп таануунун зарылдыгысыз карама-каршылыктардан арылууга өбөлгө түзөт, муну менен укуктук жөнгө салуунун туруктуулугу камсыздалат.

Жалпысынан 2025-жылы ченемдерди конституциялык эмес деп таануу жөнүндөгү чечимдердин санынын азайышы белгиленген. Бул тенденция аныкталган көйгөйлөрдүн көбүнчө ченемдердин мазмундук конституциялык эместиги менен эмес, алардын бир мааниде эмес колдонулушуна байланыштуу экендиги менен шартталган, ал расмий конституциялык-укуктук чечмелөө аркылуу түзөтүлүүгө жатат. Тиешелүү укуктук позициялар соттор жана башка укук колдонуу органдары үчүн милдеттүү болуп саналат.

Конституциялык соттун укуктук позицияларын конструктивдүү кабылдоонун көрсөтмөлүү мисалы катары 2025-жылы ишке ашырылган, Кыргыз Республикасынын Президентинин мыйзам чыгаруу демилгеси болуп саналат. 2025-жылдын 19-февралында кабыл алынган жана кол коюлган № 39 "Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" конституциялык Мыйзам ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген талапкерлер үчүн шайлоо күрөөсүнүн өлчөмүн азайтууну карайт. Аталган өзгөртүүлөр Конституциялык соттун 2023-жылдын 15-ноябрындагы

Чечиминде билдирилген укуктук позициясы менен шартталган, бул Конституциялык соттун актыларынын мыйзамдардын өнүгүшүнө, теңдик жана басмырлабоо принцибин бекемдөөгө реалдуу таасир этүүсү жөнүндө далилдейт.

2022–2025-жылдары иштерди кароонун жыйынтыктары жөнүндө жыйынды маалымат, анын ичинде ченемдик жоболордун Конституцияга ылайык келиши же келбестиги жөнүндө маалымат ушул Маалыматка 1-тиркемеде келтирилген.

Конституциялык сот тарабынан отчеттук мезгилде судьялар коллегиясынын аныктамаларына даттанууларды кароонун жыйынтыктары, мурда кабыл алынган чечимдерди түшүндүрүү, ошондой эле Конституциялык соттун ички ченемдик актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө 13 токтом кабыл алынган.

## 2. 2025-жылы Конституциялык сот кабыл алган чечимдерге сереп

2.1. (№ 01-Р) Конституциялык сот 2025-жылдын 29-январындагы өзүнүн Чечими менен “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 44-беренесинин 3-бөлүгүн Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 15-беренесинин 1, 2-бөлүктөрүнө, 45-беренесинин 2-бөлүгүнө, 61-беренесинин 1, 2-бөлүктөрүнө карама-каршы келбейт деп тапкан.

Конституциялык сот Чечимдин 2-пунктунда, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдары “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 44-беренесинин 3-бөлүгүндө каралган, алар тарабынан чыгарылган актыларды жокко чыгаруу боюнча ыйгарым укуктарды ушул Чечимдин жүйөлөштүрүүчү бөлүгүндө баяндалган укуктук позицияларга ылайык жүзөгө ашырууга укуктуу экендигин көрсөткөн.

Бул Чечим Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин ишин камсыз кылуучу Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясына маалымат үчүн Конституциялык соттун аппаратынын жетекчисинин 2025-жылдын 2-апрелиндеги № 4/224 каты менен жөнөтүлгөн.

2.2. (№ 02-Р) 2025-жылдын 11-апрелиндеги Чечиминде Конституциялык сот: 1-пункту менен Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин 243, 251, 253-беренелери, “Тергөөчү процесстин катышуучуларын кылмыш ишинин материалдары менен тааныштыргандан жана алардын өтүнүчтөрү чечилгенден кийин айыптоо актысын түзөт” деген сөздөр менен баяндалган 256-беренесинин 1-бөлүгүнүн биринчи абзацынын ченемдик жобосу, 296-беренесинин 6-бөлүгү, 421-беренесинин 2-бөлүгүнүн 3-пункту Кыргыз Республикасынын Конституциясынын преамбуласына, 1-беренесинин 1-бөлүгүнө, 24-беренесинин 2-бөлүгүнө, 59-беренесинин 3-бөлүгүнө, 61-

беренесинин 1, 2-бөлүктөрүнө, 100-беренесинин 2,3-бөлүктөрүнө карама-каршы келбейт деп тапкан.

2-пункту менен Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин 403-беренесинин 2-бөлүгү, анын күчү Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин 296-беренесинин 2-бөлүгүнүн 1-пунктуна ылайык чыгарылган биринчи инстанциядагы соттун өкүмдөрүнө жайылтылбаган өлчөмдө Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 61-беренесинин 1-бөлүгүнө, 100-беренесинин 3-бөлүгүнө карама-каршы келбейт деп тапкан.

3-пункту менен Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин 412-беренесинин 3-бөлүгү Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин 296-беренесинин 2-бөлүгүнүн 1-пунктуна шилтеме берилген ченемдик жобону өзүнө камтыган өлчөмдө Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 1-беренесинин 1-бөлүгүнө, 61-беренесинин 1, 2-бөлүктөрүнө, 100-беренесинин 2, 3-бөлүктөрүнө карама-каршы келет деп тапкан.

Жогоруда баяндалгандарды эске алып, ушул Чечимдин 4-пункту менен Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине колдонуудагы укуктук жөнгө салууга ушул Чечимден келип чыккан тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүү сунушталды.

Бул Чечим Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин ишин камсыздоочу, Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясына андан ары кароо үчүн Конституциялык соттун аппаратынын жетекчисинин 2025-жылдын 29-апрелиндеги № 4/314 каты менен жөнөтүлдү.

Учурда Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинде кароодо.

2.3. (№ 03-Р) 2025-жылдын 4-июнундагы Чечими менен Конституциялык сот Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин 397-беренесинин 1, 2-бөлүктөрү Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 61-беренесинин 1, 2-бөлүктөрүнө, 100-беренесинин 3, 5-бөлүктөрүнө карама-каршы келбейт деп тапкан.

Муну менен бирге ушул Чечимдин 2-пункту менен Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине колдонуудагы укуктук жөнгө салууга ушул Чечимдин жүйөлөштүрүүчү бөлүгүнөн келип чыгуучу тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүү сунушталган.

Бул Чечим Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин ишин камсыздоочу, Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясына андан ары кароо үчүн Конституциялык соттун аппаратынын жетекчисинин 2025-жылдын 28-августундагы № 4/588 каты менен жөнөтүлдү.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинде кароодо.

2.4. (№ 04-Р) Конституциялык сот өзүнүн 2025-жылдын 2-июлундагы Чечиминде 2021-жылдын 10-мартындагы “Кылмыш-жаза мыйзамдары чөйрөсүндөгү айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө”

Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3-беренесинин 5-пунктунун “в” пунктчасы Конституциялык соттун ушул Чечиминин жүйөлөштүрүүчү бөлүгүндө билдирилген конституциялык-укуктук мааниде 2017-жылдагы редакциядагы Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 26-беренесинин 3-бөлүгүн, ошондой эле 2021-жылдагы редакциядагы Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 27-беренесинин 4-бөлүгүн укук колдонуу шартында Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 24-беренесинин 2-бөлүгүнө, 56-беренесинин 1-2-бөлүктөрүнө, ошондой эле 61-беренесинин 1,2- бөлүктөрүнө карама-каршы келбейт деп тапкан.

Аталган Чечимдин 2-пункту менен Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине колдонуудагы укуктук жөнгө салуууга ушул Чечимдин жүйөлөштүрүүчү бөлүгүнөн келип чыгуучу тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүү сунушталган.

Бул Чечим Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин ишин камсыздоочу, Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясына андан ары кароо үчүн Конституциялык соттун аппаратынын жетекчисинин 2025-жылдын 28-августундагы № 4/582 каты менен жөнөтүлдү.

Учурда Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинде кароодо.

2.5. (№ 05-Р) Конституциялык сот өзүнүн 2025-жылдын 17-сентябрындагы Чечими менен:

– Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин 120-беренеси Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 42-беренесинин 1-бөлүгүнө, 57-беренесинин 1-бөлүгүнө, 61-беренесинин 1 жана 2-бөлүктөрүнө, 100-беренесинин 4-бөлүгүнө карама-каршы келбейт;

– Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин 267-беренесинин 5-бөлүгү Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 24-беренесинин 2-бөлүгүнө, 61-беренесинин 1-бөлүгүнө, 100-беренесинин 3-бөлүгүнө карама-каршы келбейт деп тапкан.

Ошондой эле аталган Чечимдин 3-пункту менен Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине колдонуудагы мыйзамдарга ушул Чечимден келип чыгуучу тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүү сунушталган.

Аталган Чечимдин 4-пункту менен мыйзам чыгаруучу Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексине тийиштүү өзгөртүүлөрдү киргизгенге чейин, эгерде бул чараны колдонуу зарылдыгы прокурордун же тергөөчүнүн өтүнүчү боюнча тергөө судьясынын токтому менен, ал эми соттук териштирүү этабында судьянын же соттун токтому менен жокко чыгарылган учурда, айыпталуучуну кызматынан убактылуу четтетүүнү жокко чыгаруу, кылмыш ишин кыскартууда прокурор, тергөөчү, тергөө судьясы, судья жана сот тарабынан аткарылууга тийиш болгон милдеттүү аракет катары каралышы керектиги каралган.

Бул Чечим Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин ишин камсыздоочу, Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясына

андан ары кароо үчүн Конституциялык соттун аппаратынын жетекчисинин 2025-жылдын 13-ноябрындагы № 4/849 каты менен жөнөтүлдү.

Учурда Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинде кароодо.

2.6. (№ 06-Р) Конституциялык сот өзүнүн 2025-жылдын 8-октябрындагы Чечиминде Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин 307-беренесинин 2-бөлүгү, 417-беренеси Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 55-беренесине, 56-беренесинин 2-бөлүгүнө, 61-беренесинин 1, 2-бөлүктөрүнө, 64-беренесине, 100- беренесинин 4, 5-бөлүктөрүнө карама-каршы келбейт деп тапкан.

Аталган Чечим Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясына маалымат үчүн Конституциялык соттун аппаратынын жетекчисинин 2025-жылдын 18-ноябрындагы № 4/874 каты менен жөнөтүлгөн.

2.7. (№ 07-Р) Конституциялык сот 2025-жылдын 5-ноябрындагы Чечиминде Кыргыз Республикасынын Жарандык процесстик кодексинин 376-беренеси Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 24-беренесинин 2-бөлүгүнө жана 61-беренесинин 1-бөлүгүнө карама-каршы келбейт деп тапкан.

Бул Чечим Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин ишин камсыздоочу, Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясына маалымат үчүн Конституциялык соттун аппаратынын жетекчисинин 2025-жылдын 29-январындагы № 4/72 каты менен жөнөтүлгөн.

2.8 (№ 08-Р) Конституциялык сот 2025-жылдын 3-декабрындагы өз Чечими менен “Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 19-беренесинин 1-бөлүгүнүн 2-абзацынын “анын 3 жылы биринчи инстанцияда жана 2 жылы экинчи инстанцияда” деген сөздөр менен баяндалган ченемдик жобосу Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 37-беренесинин 3-бөлүгүнө, 56-беренесинин 2-бөлүгүнө, 94-беренесинин 3-бөлүгүнө жана 95-беренесинин 5-бөлүгүнө карама-каршы келбейт деп тапкан.

Аталган Чечим Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин ишин камсыздоочу, Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясына маалымат үчүн Конституциялык соттун аппаратынын жетекчисинин 2026-жылдын 30-мартындагы № 4/259 каты менен жөнөтүлгөн.

2.9 (№ З-01) Конституциялык сот Кыргыз Республикасынын Президентинин сунуштамасына байланыштуу “Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөртүү киргизүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбооруна 2025-жылдын 10-декабрындагы өз Корутундусунун 1-2-пункттары менен:

– “Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөртүү киргизүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоору Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык келбейт;

– “Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөртүү киргизүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоору референдумга коюлушу мүмкүн эмес жана аны кабыл алуу үчүн демилгени ишке ашыруу

боюнча бардык жол-жоболор ушул Корутунду күчүнө кирген учурдан тартып токтотулууга жатат деп тапкан.

Аталган Корутунду Кыргыз Республикасынын Президентинин ишин камсыздоочу, Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясына Конституциялык соттун төрагасынын 2026-жылдын 14-январындагы № 3/21 каты менен жөнөтүлгөн.

2.10 (№ 09-Р) Конституциялык сот 2025-жылдын 17-декабрындагы өз Чечиминде Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин 95-беренесинин 1 жана 3-бөлүктөрү Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 57-беренесинин 1,3 жана 4-бөлүктөрүнө карама-каршы келбейт деп тапкан.

Ошол эле учурда ушул Чечимдин 2-пункту менен Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине ушул Чечимдин жүйөлөштүрүүчү бөлүгүндөгү жоболорго ылайык, колдонуудагы укуктук жөнгө салууга тиешелүү өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүнү сунуштаган.

Бул Чечим Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясына андан ары кароо үчүн Конституциялык соттун аппаратынын жетекчисинин 2026-жылдын 16-февралындагы № 4/110 каты менен жөнөтүлгөн.

Учурда Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинде кароодо.

## 3. Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун чечимдеринин аткарылышынын абалы жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун чечимдерин аткаруу Конституциянын үстөмдүгүн камсыз кылуу жана конституциялык мыйзамдуулукту калыбына келтирүү механизминин ажырагыс элементи болуп саналат. Конституциялык соттун актыларынын милдеттүүлүгү укуктук жөнгө салуудагы аныкталган кемчиликтерди формалдуу түрдө жоюуну гана эмес, ошондой эле аларда билдирилген конституциялык-укуктук позицияларды толук баалуу кабылдоону жана ишке ашырууну да болжойт.

Конституциялык соттун чечимдеринин натыйжалуулугу алардын мыйзам жаратуу жана укук колдонуу ишмердүүлүгүнө тийгизген таасири, ченемдик жөнгө салуудагы кемчиликтерди жоюусу менен аныкталат. Бул кемчиликтерге ар кандай укуктук актылардын ортосундагы шайкешсиздик, алардын формулировкаларынын так эместиги, ченемдик-укуктук актылар менен жөнгө салынуучу коомдук мамилелер чөйрөсүнүн туруктуулугуна зыян келтирүү менен колдонуудагы ченемдик актыларга тез-тез өзгөртүүлөр, ошондой эле мыйзамдарды оңдоодогу жай баракаттык кирет.

Конституциялык сот бул же тигил ченемдерди конституциялык эмес деп таанууда, анын ичинде алардын мүчүлүштүгүндө, жарандардын укуктары менен эркиндиктерин камсыз кылуу жана коргоо максатында өз чечимдеринде бул ченемдерди ишке ашыруу тартибин көрсөткөн, аны сактоодо алардын Конституцияга шайкештиги камсыздалышы мүмкүн.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 28-октябрындагы №233 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Регламентинин $81^1$-пунктун аткарууда Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлиги тарабынан берилген маалыматтарды талдоодо, актылары Конституциялык соттун кароосунун предмети болгон ченем жаратуу органдарынын аларды аткаруу боюнча иштерди улантып жаткандыгын көрсөттү.

2024-2025-жылдары Конституциялык соттун судьяларынын Башкы прокуратуранын, Жогорку соттун, Юстиция министрлигинин жана Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) өкүлдөрү менен жумушчу жолугушуулары болуп өттү. Жолугушуулардын жүрүшүндө Конституциялык соттун чечимдерин иш жүзүндө аткаруу маселелери, ошондой эле аларды ишке ашыруунун жана мыйзамдык жактан камсыздоонун макулдашылган ыкмаларын иштеп чыгуу талкууланды.

Мындан аркы кызматташуу жана Конституциялык соттун чечимдерин бир түрдүү жана туура чечмеленишин камсыз кылуу максатында 2025-жылдын 28-октябрында соттун имаратында Конституциялык соттун Төрагасынын төрагалыгы астында Президенттин жана Министрлер Кабинетинин, Жогорку Кеңештин, Юстиция министрлигинин Конституциялык соттогу туруктуу өкүлдөрүнүн, ошондой эле Жогорку соттун, Башкы прокуратуранын жана Ички иштер министрлигинин өкүлдөрүнүн катышуусунда кеңешме өткөрүлдү.

Кеңешменин алкагында Конституциялык соттун аппараты тарабынан даярдалган, Конституциялык соттун 2025-жылдын 4-июнундагы №03-Р, 2025-жылдын 2-июлундагы №04-Р, 2025-жылдын 17-сентябрындагы №05-Р, 2023-жылдын 3-майындагы №07-Р чечимдерин аткарууда ченемдик укуктук актылардын долбоорлорунун концепциялары, ошондой эле 2025-жылдын 11-июнундагы №08-П чечимин түшүндүрүү жөнүндө токтом боюнча каралды, аларды ишке ашыруу учурдагы мыйзамдарга тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүүнү болжойт.

Кеңешменин жыйынтыгында Конституциялык соттун жогоруда аталган чечимдерин аткаруу боюнча кубатталган мыйзамдык сунуштар андан ары белгиленген тартипте жеткире иштеп чыгуу үчүн Юстиция министрлигине жөнөтүлдү. Жалпысынан алганда, Конституциялык соттун чечимдерин аткаруунун учурдагы мыйзамдык механизми өзүнүн функционалдуулугун көрсөтүп, мыйзамдарды Конституцияга ырааттуу турдө ылайык келтирүүнү камсыздайт. Ошол эле учурда, аткаруу стадиясында узак убакыт бою турган чечимдердин болушу, ошондой эле алардын жарым-жартылай аткарылышы ведомстволор аралык өз ара аракеттенүү механизмдерин андан ары өркүндөтүүнүн, мыйзамдык чаралардын акылга сыярлык мөөнөттөрүн сактоонун жана конституциялык көзөмөл органынын чечимдерин ишке ашырууга формалдуу мамиле жасоого жол бербөөнүн зарылдыгын көрсөтүп турат.

2025-жылга карата абал боюнча Конституциялык соттун ар кайсы жылдары кабыл алынган чечимдери аткарылууда, бул мыйзамдарды өркүндөтүү процесси уланып жатканын да, Конституциялык соттун укуктук позицияларын өз убагында ишке ашырууда айрым көйгөйлөр бар экенин да күбөлөндүрөт.

Алсак, Конституциялык соттун 2015-жылдын 27-ноябрындагы “Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык мыйзамынын 22-беренесинин 11-бөлүгүнүн ченемдик жобосунун конституциялуулугун текшерүү жөнүндөгү чечими аткарылбаган бойдон калууда.

Көрсөтүлгөн Чечимди аткаруу максатында Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлиги тарабынан “Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамына өзгөртүү киргизүү тууралуу” конституциялык Мыйзамдын долбоору иштелип чыгып, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 7-сентябрындагы № 418 токтому менен жактырылган жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине 2018-жылдын 13-сентябрында киргизилген. Ошону менен бирге Парламенттин депутаттарынын позициясын эске алуу менен мыйзам долбоору андан ары жеткире иштеп чыгуу үчүн Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан 2023-жылдын 3-майында кайра чакыртылып алынган. Жооптуу орган болуп Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлиги аныкталган.

Конституциялык соттун Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 87-беренесинин 1 жана 2-бөлүктөрүнүн конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча 2022-жылдын 29-июнундагы Чечими жарым-жартылай аткарылган бойдон калууда.

Аны ишке ашыруу максатында Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлиги тарабынан тиешелүү мыйзам долбоорлору иштелип чыккан, алардын бири Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине киргизилген, бирок кийинчерээк жеткире иштеп чыгуу үчүн чакыртып алынган. Кайрадан иштелип чыккан мыйзам долбоору Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан 2023-жылдын 18-сентябрында киргизилип, Парламенттин тармактык комитетинде каралып, Жогорку Кеңеш тарабынан 2023-жылдын 15-ноябрында биринчи окуу стадиясында четке кагылган. Кийин Парламент тарабынан “Салык салуу чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы кабыл алынып, 2025-жылдын 12-февралында №37 менен ага Кыргыз Республикасынын Президенти колу койгон, ага ылайык Салык кодексинин 87-беренеси күчүн жоготту деп табылган. Ошол эле учурда талашылып жаткан ченемдин күчүн жоготту деп таануу жана өлкөдөн чыгып кетүү укугун чектөөнүн жаңы тартибинин киргизүү, Конституциялык соттун

чечими толук көлөмдө жана Кыргыз Республикасынын аймагынан чыгуу укугун салык милдеттенмелерин аткарууну камсыз кылуу максатында чектөөнүн жол берилгендигине байланыштуу Соттун чечиминде билдирилген конституциялык-укуктук мааниде аткарылды деп бир беткей айтууга мүмкүндүк бербейт.

Ошондой эле аткаруу стадиясында Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун 2023-жылдын 3-майындагы "Аскер кызматчыларынын жана окуу менен атайын жыйындарга чакырылган аскерге милдеттүүлөрдүн жана аларга теңештирилген адамдардын өмүрүн жана саламаттыгын милдеттүү мамлекеттик камсыздандыруу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 9-беренесинин 1-бөлүгүнүн экинчи абзацынын конституциялуулугун текшерүү жөнүндөгү чечими турат.

Бул Чечимди ишке ашыруу максатында Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлиги тарабынан "Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" Мыйзам долбоору иштелип чыккан, ал Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан 2024-жылдын 29-августунда Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине жөнөтүлгөн. Кийинчерээк аталган мыйзам долбоору жеткире иштеп чыгуу үчүн Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясы тарабынан 2025-жылдын 22-январында чакыртып алынган. Бул Чечимдин аткарылышы Конституциялык соттун 2025-жылдын 2-июлундагы жана 17-сентябрындагы чечимдерин ишке ашыруу менен бириктирилген.

"Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Регламенти жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 138-беренесинин 1-бөлүгүнүн конституциялуулугун текшерүү жөнүндөгү 2023-жылдын 23-майындагы Конституциялык соттун Чечими аткарылбаган бойдон калууда. Бул Чечимди аткаруу үчүн Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши жооптуу, мында тиешелүү мыйзам долбоору Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин аппаратында даярдоо стадиясында турат.

Ошондой эле, Конституциялык соттун 2023-жылдын 22-ноябрындагы Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 218 жана 303-беренелеринин, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн "Аялдардын эмгегин колдонууга тыюу салынган эмгек шарттары зыяндуу жана (же) коркунучтуу өндүрүштөрдүн, жумуштардын, кесиптердин жана кызматтардын тизмелери жөнүндө" токтомунун конституциялуулугун текшерүү жөнүндөгү чечими жарым-жартылай аткарылды.

Мында Конституциялык сот талашылып жаткан ченемдерди Конституцияга карама-каршы келбейт деп таап, ошол эле учурда тиешелүү Тизмени системалуу түрдө кайра карап чыгуу жана актуалдаштыруу зарылдыгын көрсөткөн. Кийинчерээк Министрлер Кабинети тарабынан жаңы Эмгек кодекси жана "Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексин колдонууга киргизүү жана "Кыргыз Республикасынын эмгек чөйрөсүндөгү айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" Мыйзамы даярдалып, Кыргыз

Республикасынын Президенти 2025-жылдын 23-январында кол койгон. Бирок Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2000-жылдын 24-мартындагы №158 токтому күчүндө жана жаңы эмгек мыйзамдарынын жоболорун жана азыркы социалдык-экономикалык шарттарды эске алуу менен актуалдаштырууну талап кылат, ушуга байланыштуу Конституциялык соттун чечими толук аткарылды деп эсептелиши мүмкүн эмес.

Ошондой эле кылмыш-жаза жана кылмыш-жаза-процессуалдык мыйзамдарына байланыштуу Конституциялык соттун 2025-жылы кабыл алынган чечимдери аткаруу стадиясында турат.

Алсак, Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин бир катар ченемдерин конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча 2025-жылдын 11-апрелиндеги Конституциялык соттун Чечими Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине кароого жөнөтүлдү. Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлиги тарабынан "Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" мыйзам долбоору иштелип чыккан, ал даярдоо жана макулдашуу стадиясында турат. Конституциялык соттун жана башка мамлекеттик органдардын келип түшкөн позицияларын эске алуу менен мыйзам долбоорунун жаңы редакциясы иштелип чыгууда.

Ошондой эле Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин 397-беренесинин 1 жана 2-бөлүктөрүнүн конституциялуулугун текшерүү жөнүндөгү иш боюнча Конституциялык соттун 2025-жылдын 4-июнундагы Чечими да аткарууда.

Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлиги тарабынан тиешелүү мыйзам долбоору иштелип чыгып, ал Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын кароосуна 2026-жылдын 28-январында жөнөтүлгөн.

“Кылмыш-жаза мыйзамдары чөйрөсүндөгү айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3-беренесинин 5-пунктунун “в” пунктчасынын конституциялуулугун текшерүү жөнүндөгү иш боюнча Конституциялык соттун 2025-жылдын 2-июлундагы Чечими дагы аткаруу стадиясында турат жана Конституциялык соттун 2025-жылдын 3-майындагы жана 17-сентябрындагы чечимдери менен биргеликте ишке ашырылууда.

Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин 120-беренесинин жана айыпталуучуну ээлеген кызмат ордунан убактылуу четтетүүнү жокко чыгаруу тартибине тиешелүү 267-беренесинин 5-бөлүгүнүн ченемдик жобосунун конституциялуулугун текшерүү жөнүндөгү иш боюнча Конституциялык соттун 2025-жылдын 17-сентябрындагы Чечими да аткаруу үчүн Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин кароосунда. Бул Чечимдин аткарылышы да кылмыш-жаза процессуалдык жөнгө салууну

өркүндөтүүгө багытталган Конституциялык соттун башка бир катар чечимдерин ишке ашыруу менен бириктирилген.

Мындан тышкары, Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин 95-беренесинин 1 жана 3-бөлүктөрүн Кыргыз Республикасынын Конституциясына карама-каршы келбейт деп тапкан Конституциялык соттун 2025-жылдын 17-декабрындагы Чечими аткаруу стадиясында турат. Бул Чечим андан ары аткаруу үчүн Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине жөнөтүлгөн жана ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар тарабынан ченемдик укуктук актылардын долбоорлорун даярдоо стадиясында.

Жалпысынан алганда Конституциялык соттун чечимдеринин аткарылышына талдоо жүргүзүү конституциялык көзөмөл органынын укуктук позицияларын ишке ашыруу маселелери боюнча Конституциялык соттун, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин жана башка мамлекеттик органдардын ортосундагы өз ара аракеттенүүдө оң динамика бар экендигин көрсөтүп турат. Ошону менен бирге айрым чечимдерди узакка аткаруу же жарым-жартылай аткаруу учурларынын сакталышы мыйзамдык чара көрүүнүн механизмдерин андан ары өркүндөтүүнүн, ченемдик жөнгө салууну өз убагында актуалдаштырууну камсыз кылуунун жана мыйзам жаратуу менен укук колдонуу ишмердүүлүгүндө Конституциялык соттун чечимдеринин конституциялык-укуктук маанисин кыйла ырааттуу эсепке алуунун зарылдыгын көрсөтөт.

Жүргүзүлгөн талдоо көрсөткөндөй, Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту укуктук жөнгө салуудагы боштуктарды жана кемчиликтерди жоюу үчүн Конституцияда жана мыйзамда каралган укуктук механизмдерди ырааттуу түрдө колдонуп, аныкталган карама-каршылыктарды жана укуктук аныксыздыкты жоюунун конституциялык жактан жол берилген жолдорун мыйзам чыгаруучуга жана укук колдонуучу органдарга аныктап берет.

Талдоонун жыйынтыгына ылайык, Конституциялык соттун 10 чечими аткарылбаган бойдон калууда же аткаруунун ар кандай баскычтарында турат. Алардын ичинен:

– 7 чечим Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинде аткарууда;

– Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин өндүрүшүндө турган 2 чечим жарым-жартылай аткарылган (2022-жылдын 29-июнундагы жана 2023-жылдын 22-ноябрындагы чечимдери);

– 1 чечим Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин аппаратында жеткире иштелип чыгуу стадиясында турат.

Ушул Маалыматка 2-тиркемеде Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун чечимдерин аткаруу үчүн 2025-жылы кабыл алынган мыйзамдардын жана башка ченемдик укуктук актылардын тизмеси келтирилген.

Отчеттук мезгилде Конституциялык соттун укуктук позицияларын ишке ашырууга багытталган 8 мыйзам кабыл алынган.

Жалпысынан алганда келтирилген маалыматтар Конституциялык соттун чечимдерин аткарууну камсыз кылуунун мыйзамдар менен белгиленген механизми туруктуу иштеп жаткандыгын жана Конституциялык сот тарабынан аныкталган укуктук жөнгө салуудагы боштуктарды жана кемчиликтерди өз убагында жоюуга, ошондой эле мыйзамдарды Конституцияга жана Конституциялык соттун чечимдеринде билдирилген укуктук позицияларга ылайык келтирүүгө олуттуу деңгээлде өбөлгө түзөрүн күбөлөндүрөт.

Бул процессте Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине өзгөчө роль таандык, ал Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 28-октябрындагы № 233 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Регламентинин 81-пунктуна, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 5-мартындагы № 78 “Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин маселелери жөнүндө” токтомуна ылайык, Конституциялык соттун чечимдерин аткаруу үчүн кабыл алынуучу ченемдик укуктук актылардын долбоорлорун даярдоо үчүн зарыл болгон маалыматтарды чогултууну, жалпылоону, талдоону жана баалоону жүзөгө ашырат.

Муну менен бирге, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин тиешелүү мыйзам долбоорлорун илгерилетүү, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин аларды карoo боюнча ишиндеги оң динамикага карабастан, Конституциялык соттун чечимдерин аткаруунун акылга сыярлык мөөнөттөрүн сактоо маселеси мыйзам чыгаруу жана аткаруу бийлик органдары тараптан жогорулатылган көңүл бурууну талап кылат.

Конституциялык соттун айрым чечимдеринин узакка созулуп аткарылышы негиздүү тынчсыздануну жаратууда. Атап айтканда, Конституциялык соттун 2015-жылдын 27-ноябрындагы “Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 22-беренесинин 11-бөлүгүнүн ченемдик жобосунун конституциялуулугун текшерүү жөнүндөгү иш боюнча чечими узак убакыт бою аткарылбай келүүдө.

Ошентип, 2025-жылы Кыргыз Республикасындагы конституциялык мыйзамдуулуктун абалына жүргүзүлгөн талдоо Конституциянын үстөмдүгүн камсыз кылуунун, коомдук бийликтин тең салмактуулугун сактоонун, адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерин коргоонун негизги механизми катары конституциялык көзөмөлдүн ролунун мындан ары да чыңдалып жаткандыгын күбөлөндүрөт. Конституциялык соттун практикасы көрсөткөндөй, конституциялык юстициянын өнүгүүсүнүн азыркы этабы ченемдик жоболорду конституциялык эмес деп таануудан алардын конституциялык-укуктук маанисин аныктоого, ырааттуу жана конституциялык багыттагы укук

колдонууну камсыз кылуу жагына басым жасалып жаткандыгы менен мүнөздөлөт.

Каралган иштердин талдоосу келип чыккан конституциялык-укуктук проблемалардын негизги бөлүгү Конституциянын ченемдик жоболорунун түздөн-түз карама-каршылыгынан эмес, мыйзам чыгаруу техникасынын жетишсиз сапаты, укуктук аныксыздыктын, жөнгө салуудагы боштуктардын болушу жана аларды колдонуунун бир түрдүү практикасынын жоктугу менен шартталган деп тыянак жасоого мүмкүндүк берет. Бул тенденция өзгөчө 2025-жылы каралган көпчүлүк иштердин предмети болуп калган кылмыш-жаза жана кылмыш-жаза процессуалдык мыйзамдары чөйрөсүндө айкын көрүндү.

Бийликтин мыйзам чыгаруу бутагы үчүн Конституциялык сот тарабынан аныкталган көйгөйлөр мыйзам чыгаруу ишмердүүлүгүнүн сапатын жогорулатуу, мыйзам долбоорлорун иштеп чыгууда системалуу жана концептуалдык мамилени күчөтүү, ошондой эле кабыл алынган актыларга толук конституциялык-укуктук экспертиза жүргүзүү зарылдыгын көрсөтөт. Конституциялык соттун чечимдерин аткаруу тажрыйбасы көрсөткөндөй, мыйзамдардагы аныкталган кемчиликтерди кийинки четтетүү көбүнчө макулдашуунун узак мөөнөттөрү жана мыйзам долбоорлорун кайра иштеп чыгуу менен татаалдашат. Конституциялык соттун бир нече жылдан бери аткарылбай келе жаткан чечимдеринин болушу конституциялык көзөмөл органынын актыларын аткаруунун парламенттик жол-жоболорун өркүндөтүү, анын ичинде мыйзамдык чара көрүүнүн акылга сыярлык мөөнөттөрүн белгилөө жана тиешелүү мыйзам долбоорлорун мыйзамдарда каралган тездетип кароо механизмдерин кыйла активдүү пайдалануу зарылдыгын көрсөтөт.

Бийликтин аткаруу бутагы үчүн конституциялык контролдоонун натыйжалары ченемдик укуктук актылардын долбоорлорун сапаттуу укуктук даярдоонун маанилүүлүгүнүн өсүп жаткандыгын жана алардын конституциялык туруктуулугуна үзгүлтүксүз мониторинг жүргүзүүнүн зарылдыгы жөнүндө күбөлөндүрөт. Бул процессте Конституциялык соттун чечимдеринин аткарылышын координациялоону жана тиешелүү мыйзам долбоорлорун коштоону камсыз кылуучу орган катары Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлиги өзгөчө ролду ойнойт. Ошол эле учурда, талдоо көрсөткөндөй, Конституциялык соттун айрым чечимдери узак убакыт бою аткарылуу стадиясында турат, бул конституциялык мыйзамдуулукту калыбына келтирүү механизминин натыйжалуулугун төмөндөтөт жана укуктук аныксыздыктын сакталышынын тобокелдигин жаратат.

Конституциялык соттун чечимдерин аткаруу айрым учурларда формалдуу мүнөздө болуп, чечимдердин жүйөлөштүрүүчү бөлүгүндө билдирилген конституциялык-укуктук маани толук эсепке алынбастан, жаңы актыларды кабыл алуу же айрым ченемдерди күчүн жоготту деп табуу менен чектелген жагдайдын орун алышы да олуттуу мааниге ээ. Мындай практика бардык ченем жаратуу субъекттери тарабынан Конституциялык соттун укуктук

позицияларын кыйла терең кабылдоонун жана анын актыларын аткарууга формалдуу мамиле жасоодон баш тартуунун зарылдыгы жөнүндө айгинелейт.

Соттук жана башка укук колдонуу практикасы үчүн Конституциялык сот аныктаган ченемдердин конституциялык-укуктук маанисин милдеттүү эсепке алууну камсыз кылуу негизги мааниге ээ болот. Чечимдердин кыйла бөлүгү ченемдерди конституциялык шартталган чечмелөөгө негизделген шарттарда, дал укук колдонуучу конституциялык мыйзамдуулукту ишке ашыруунун түздөн-түз субъектиси болуп калат. Бул соттордон, укук коргоо органдарынан жана башка мамлекеттик органдардан мыйзамды формалдуу колдонууну гана эмес, Конституциялык соттун укуктук позицияларын эске алуу менен аны конституциялык багытта түшүнүүнү да талап кылат.

Конституциялык соттун түздөн-түз колдонулуучу жана ченемдик мүнөздөгү чечимдеринин укуктук табияты өзгөчө мааниге ээ. Мыйзамдарга өз убагында өзгөртүүлөр киргизилбеген учурда, дал ушул Конституциялык соттун чечимдери жана Конституциянын жоболору соттор жана мамлекеттик бийликтин башка органдары тарабынан түздөн-түз колдонулууга тийиш. Мындай укуктук позицияларды этибарга албоо же толук кабылдабоо укуктук аныктык, мыйзам алдында бирдейлик жана соттук практиканын бир түрдүүлүк принциптеринин бузулушуна алып келүүгө жөндөмдүү.

Жалпысынан 2025-жылы Кыргыз Республикасындагы конституциялык мыйзамдуулуктун абалы туруктуу жана ырааттуу өнүгүп жатат деп баалоого болот. Ошол эле учурда Конституциялык соттун ишинин натыйжалары ченем жаратуу ишмердигинин сапатын андан ары жогорулатуунун, Конституциялык соттун чечимдерин аткарууда ведомстволор аралык өз ара аракеттенүү механизмдерин бекемдөөнүн, мамлекеттик органдардын конституциялык маданиятынын деңгээлин жогорулатуунун жана конституциялык багыттагы укук колдонуунун туруктуу практикасын калыптандыруунун зарылдыгы жөнүндө күбөлөндүрөт. Бийликтин мыйзам чыгаруу, аткаруу жана сот бутактарынын макулдашылган иштөө шартында гана Конституциянын толук үстөмдүгүн жана укуктук мамлекеттин туруктуу өнүгүүсүн камсыз кылууга болот.

## *Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун ишин санариптик трансформациялоо*

Отчеттук 2025-жылы Конституциялык сот тарабынан Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 5-апрелиндеги №90 Жарлыгы менен бекитилген 2024–2028-жылдарга Кыргыз Республикасынын санариптик трансформациялоо концепциясын аткаруу максатында, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 23-июлундагы №444-т тескемесинде каралган иш-чараларды жүзөгө ашыруу боюнча системалуу иш жүргүздү.

Конституциялык соттун бул багыттагы иши ички процесстерди модернизациялоого жана конституциялык сот өндүрүшүнүн натыйжалуулугун, ачык-айкындуулугун жана технологиялык туруктуулугун жогорулатууну камсыздаган заманбап санариптик инструменттерди киргизүүгө багытталган болчу. Электрондук кызмат көрсөтүүлөрдү өнүктүрүүгө, маалыматтарды иштеп чыгуу жана сактоо механизмдерин өркүндөтүүгө, документ жүгүртүүнү оптималдаштырууга, ошондой эле жарандардын конституциялык көзөмөл органынын иши жөнүндө маалыматка кеңири жана ыңгайлуу жетүүсүн камсыздоого өзгөчө көңүл бурулду.


Иш ырааттуу жүргүзүлүп, санариптештирүүнүн уюштуруу-техникалык аспектилерин да, сот процесстерин жаңы технологиялык стандарттарга ыңгайлаштырууга байланыштуу методологиялык маселелерди да камтыды. Ишке ашырылып жаткан чаралар маалымат технологияларынын динамикалуу өнүгүүсүнүн шартында сот адилеттигинин милдеттерине шайкеш келген Конституциялык соттун заманбап санариптик инфраструктурасын түзүү багытындагы маанилүү кадам болду.

**“Конституциялык сот адилеттиги” автоматташтырылган маалыматтык системасын ишке киргизүү**

2025-жылы санариптик өнүктүрүүнүн негизги багыттарынын бири “Конституциялык сот адилеттиги” автоматташтырылган маалыматтык системасын (АМС) түзүү жана ишке киргизүү болду.

Системаны иштеп чыгуу боюнча иштер Конституциялык сот тарабынан Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасынын алдындагы “Укук” мамлекеттик мекемеси менен биргеликте жүргүзүлдү.

“Конституциялык сот адилеттиги” АМС – бул негизги соттук процесстерди автоматташтыруу, документ жүгүртүүнү оптималдаштыруу, иштин материалдарына тез жетүүнү камсыз кылуу жана соттун ишинин натыйжалуулугун жана ачык-айкындуулугун жогорулатуу үчүн иштелип чыккан заманбап платформа.




Системаны ишке киргизүү конституциялык сот өндүрүшүн санариптештирүүнүн сапаттуу жаңы деңгээли үчүн негиз түзөт жана төмөнкүлөргө мүмкүнчүлүк берет:

- ✓ Конституциялык соттун ишинде бирдиктүү санариптик системаны пайдаланууну камсыздоого;
- ✓ кайрылууларды кароонун жана чечимдерди даярдоонун сапатын жогорулатууга;
- ✓ процессуалдык операцияларды өркүндөтүүгө;

- ✓ түзүмдүк бөлүмдөрдүн ортосунда кыйла натыйжалуу өз ара аракеттенүүнү камсыздоого;
- ✓ жарандарга алардын иштеринин каралышы жөнүндө маалыматты алуунун жөнөкөй жана ыкчам ыкмасын камсыз кылууга.

Отчеттук мезгилдин жыйынтыгы боюнча система толук эксплуатациялоого даярдалды. Ал жакынкы аралыкта Конституциялык соттун санариптик инфраструктурасынын негизги элементине айланып, конституциялык сот адилеттигинин жогорку деңгээлдеги ачыктыгын, технологиялуулугун жана натыйжалуулугун камсыз кылмакчы.

**Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун расмий веб-сайтын жаңылоо**


Отчеттук 2025-жылы санариптик трансформациялоо боюнча иш-чараларды жүзөгө ашыруунун алкагында, Конституциялык сот “Санариптик өкмөт” мамлекеттик стандарттарына ылайык иштелип чыккан жаңы расмий веб-сайтын ишке киргизүү боюнча иш алып барды.

Иш ыңгайлуу, функционалдуу жана технологиялык жактан туруктуу ресурсту түзүүгө багытталган. Жаңы сайт расмий маалыматка жетүүнүн жаңыртылган таянычы гана болбостон, соттун модернизацияланган санариптик чөйрөсүнүн маанилүү элементи болуп калат, ал конституциялык көзөмөл органынын ишинин натыйжалуулугун жана ачык-айкындуулугун жогорулатууга багытталат.

Жаңы сайтты иштеп чыгууда санариптик чөйрөнүн жеткиликтүүлүк маселелерине өзгөчө көңүл бурулду. Алсак, ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар, анын ичинде көрүүсү начар колдонуучулар үчүн ресурсту толук баалуу пайдаланууга мүмкүндүк берген чечимдер колдонулду. Интерфейсти адаптациялоонун функционалдык элементтери ишке ашырылды: шрифттин өлчөмүн өзгөртүү, контрастты жөнгө салуу, оптималдуу түстү тандоо, бул ар бир колдонуучуга сайтты өз муктаждыктарына ылайыкташтырууга мүмкүндүк берет.

Отчеттук жылы төмөнкү иш-чаралар аткарылды:

- ✓ сайттын дизайны жана түзүлүшү ыңгайлуулуктун жана жеткиликтүүлүктүн заманбап стандарттарын эске алып, толугу менен жаңыртылды;
- ✓ сот тартибинин, жаңылыктардын жана расмий материалдардын ачык-айкындуулугун камсыздоочу бөлүмдөр ишке киргизилди;
- ✓ “онлайн кабылдама” жана соттун иши жөнүндө жарандарга маалымдоо үчүн инструменттер иштелип чыкты.




Жаңыртылган расмий веб-сайт Конституциялык соттун ишинин ачык-айкындуулугун жогорулатуу жана жарандардын укуктук маалыматка ачык жеткиликтүүлүгүн камсыз кылган жана конституциялык көзөмөл институтуна коомдун ишенимин бекемдеген заманбап технологиялык платформаны түзүү багытындагы кезектеги кадам болуп калат.

Жаңы ресурс укуктук позициялар, чечимдер, жаңылыктар, аналитикалык материалдар жана Конституциялык сотко кайрылуу процедурасы жөнүндө маалыматтарды камтыган маалыматтарды иреттүүлүктө жана жеткиликтүү көрсөтүлүшүн камсыз кылат.

## *Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун 35 жылдыгы*

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун тарыхы – бул жөн гана институционалдык реформалардын ырааттуулугу эмес. Бул мамлекеттин саясий эволюциясынын, жаңы укуктук салттын калыптанышынын жана өзгөрүлүп жаткан коомдук түзүлүш шартында Конституциянын үстөмдүгүн камсыз кылуунун туруктуу механизмин издөөнүн чагылдырылышы.

Отуз жыл аралыгында өлкө көз карандысыздыктын негизги институттарын түзүүдөн тартып адам укуктарын коргоого жана демократиялык баалуулуктарды өнүктүрүүгө багытталган конституциялык сот адилеттигинин толук баалуу системасын куруугa чейинки жолду басып өттү.

Ушуга байланыштуу, 2025-жылдын 17-18-июнь күндөрү Конституциялык сот тарабынан “Жаңы демократия өлкөлөрүндө конституциялык сот адилеттигинин калыптанышы” деген темада эл аралык конференция

уюштурулуп, ал Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун 35 жылдыгына арналды.

Иш-чаранын расмий ачылышы Кыргыз Республикасынын Президенти С.Н.Жапаровдун видео кайрылуусу менен башталды, анда ал туруктуу демократиялык өнүгүүнү камсыз кылууда көз карандысыз конституциялык сот адилеттигинин негизги ролун баса белгиледи.



Эл аралык конференциянын ишине 17 өлкөнүн делегациялары активдүү катышты, алардын катарында Филиппиндин Жогорку соту, Австриянын, Түркиянын, Грузиянын, Казакстандын, Корея Республикасынын, Молдованын, Өзбекстандын, Монголиянын, Беларустун, Хорватиянын, Россия Федерациясынын, Румыниянын жана башка өлкөлөрдүн конституциялык соттору, Евразия экономикалык биригинин соту, ошондой эле Улуу Британиянын жана Индиянын академиялык чөйрөсүнүн өкүлдөрү бар.

Конференциянын ачылышынын жүрүшүндө катышуучуларга кайрылуу сөздөрү менен: Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун төрагасы М.А. Сатыев; Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын орун басары Ж.С.; Жоробаев, Казакстан Республикасынын Конституциялык сотунун төрагасы Э.А. Азимова; Өзбекстан Республикасынын Конституциялык сотунун төрагасы М.-У.Э. Абдусаломов; Евразия экономикалык бирлигинин төрагасы А.А. Дронов, Монголиянын Конституциялык сотунун төрагасы Б. Гунгаа; Хорватиянын Конституциялык сотунун төрагасы М. Шепарович; Филиппиндин Жогорку сотунун башкы судьясы А.Г. Гесмундо (видео кайрылуу) чыгып сүйлөштү.

Ачылыш аземинен кийин пленардык сессиялар башталды, аларда докладдары менен Хорватиянын, Түштүк Кореянын, Румыниянын, Россия

Федерациясынын жана башка өлкөлөрдүн конституциялык сотторунун өкүлдөрү чыгып сүйлөштү.




Талкуулардын жүрүшүндө конституциялык көзөмөл институттарынын калыптанышы жана трансформациясы, адамдын укуктарын жана эркиндиктерин коргоо, ошондой эле сот практикасына заманбап технологияларды интеграциялоо маселелери козголду.

Бул масштабдуу иш-чара конституциялык көзөмөл органдарынын, эл аралык уюмдардын, мамлекеттик органдардын жана илимий коомчулуктун өкүлдөрүнүн ортосунда ачык жана мазмундуу диалог үчүн чыныгы аянтча болуп калды. Эки күндүк интенсивдүү иш учурунда катышуучулар пикир алмашып, мыкты тажрыйбалар менен бөлүшүп, азыркы сот адилеттиги туш болгон актуалдуу маселелерди көтөрүштү.



2025-жылдын 12-декабрында Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун түзүлгөндүгүнүн 35 жылдыгына арналган салтанаттуу иш-чара болуп өттү. Анын ишине мамлекеттик бийлик органдарынын, сот системасынын, билим берүү мекемелеринин жана коомдук уюмдардын өкүлдөрү катышты.

Кыргыз Республикасынын Президентинин атынан Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басары Э.Ж.Байсалов куттуктоо сөзү менен чыгып сүйлөдү. Ал өз сөзүндө Конституциялык соттун Конституциянын үстөмдүгүн камсыз кылуудагы жана өлкөдөгү укуктук туруктуулукту сактоодогу ролун баса белгиледи.

Ал эми Конституциялык соттун төрагасы өз кайрылуусунда институттун укуктук практиканы калыптандыруудагы жана конституциялык контролдоо механизмдерин түзүүдөгү салымын белгиледи.

“Отуз жыл аралыгында Конституциялык сот укуктук кепилдиктерди ырааттуу чыңдоо менен укуктук мамлекеттин өнүгүшүнө олуттуу салымын кошуп келди. Мындан ары да Конституциялык сот биздин өлкөнүн туруктуулугунун, калыстыгынын жана укуктук жактан өнүгүүсүнүн бек кепилдиги болуп кызмат кыла берсин” – деп белгиледи Э.Ж. Осконбаев.




Ошондой эле куттуктоо сөздөрү менен жогорку сот жана укук коргоо органдарынын өкүлдөрү да чыгып сүйлөштү, алардын арасында Жогорку соттун төрагасынын орун басары Н.А. Мусаев, Акыйкатчы Ж.А. Жаманбаева, Конституциялык соттун мурдагы төрагалары Ч.Т. Баекова жана Э.Т. Мамыров, Евразия экономикалык бирлигинин сотунун судьясы М.Т. Кайыпов, ошондой эле жергиликтүү соттордун төрагалары бар.

Конституциялык соттун дарегине чет элдик конституциялык соттордон видео куттуктоолор келип түштү алар Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун конституциялык көзөмөл институтун калыптандырууга жана өнүктүрүүгө, ошондой эле региондор аралык масштабда укуктун үстөмдүгүн алга жылдырууга кошкон олуттуу салымын белгилешти.



*Конституциялык соттун конституциялык баалуулуктарды илгерилетүүсү*

**1. Конституциялык соттун улуттук өнөктөштөр жана коомчулук менен өз ара аракеттенүүсү**

Конституциялык сот улуттук өнөктөштөр, ошондой эле конституциялык-укуктук мамилелердин катышуучулары катары коомчулук менен конструктивдүү жана системалуу өз ара аракеттенүүнү түзүүгө умтулат. Мындай кызматташтык Конституциянын үстөмдүгүн камсыз кылууга, укуктук системаны ырааттуу өнүктүрүүгө жана мамлекеттик институттарга болгон коомчулуктун ишенимин бекемдөөгө багытталган.

Өз ара аракеттенүү биргелешкен иш-чараларга катышуу, ошондой эле мыйзамда каралган институционалдык механизмдер аркылуу ишке ашырылат. Жалпы юрисдикциядагы соттор, мамлекеттик бийлик органдары жана конституциялык ченемдерди ишке ашыруу процессине тартылган башка субъекттер менен диалог жүргүзүүгө өзгөчө маани берилет.

2025-жылы Конституциялык соттун улуттук өнөктөштөр менен өз ара аракеттенүүсү өзгөчө активдүү өнүгүп, жалпы конституциялык мыйзамдуулукту бекемдөө максатында ар кандай форматтагы бир катар иш-чаралар, анын ичинде жумушчу жолугушуулар, тегерек столдор, илимий-практикалык конференциялар жана кесиптик диалогдун башка түрлөрү өткөрүлдү.

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялары конституциялык сот өндүрүшүн жүргүзүүдөн тышкары, соттук коомдоштук органдарынын ишине активдүү катышат.

Алсак, Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьясы М.Ш. Касымалиев Кыргыз Республикасынын Сот адилеттиги боюнча кеңешинин төрагасынын орун басары болуп саналат.

Ошондой эле Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьясы Л.Ч. Жолдошева Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңешинин мүчөсү болуп саналат жана Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңешинин Тартип комиссиясынын төрагасынын орун басары кызматын ээлейт.

Конституциялык соттун судьяларынын аталган органдардын ишине катышуусу сот бийлигинин көз карандысыздыгын бекемдөөгө, судьялык өз алдынча башкаруу механизмдерин өркүндөтүүгө жана сот системасынын кадрдык потенциалын өнүктүрүүгө өбөлгө түзөт.

Кыргыз Республикасын дүйнөлүк бийиктиктерге жеткен, өнүккөн, күчтүү жана атаандаштыкка жөндөмдүү мамлекетке айландырууга багытталган “Улуттук дем – дүйнөлүк бийиктик” Доктринасын (Уңгужол) ишке ашыруу максатында ведомстволор аралык жумушчу топ түзүлгөн. Анын курамына Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьясы М.Р. Бобукеева кирген, ал Доктринада каралган иш-чараларды иштеп чыгууга жана ишке ашырууга катышууда.

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьясы Ч.А. Айдарбекова Кыргыз Республикасынын сот системасын санариптик трансформациялоо боюнча координациялык жумушчу топтун мүчөсү болуп саналат, анын иши соттордо санариптик трансформациялоо процесстерин өркүндөтүүгө, заманбап маалыматтык технологияларды киргизүүгө жана сот адилеттигин жүргүзүүнүн натыйжалуулугун жогорулатууга багытталган.

**Жергиликтүү соттордун биринчи жолу дайындалган судьялары үчүн билим берүү программасы**

2025-жылдын 22-январында Конституциялык сотто жергиликтүү соттордун биринчи жолу дайындалган судьялары үчүн үч күндүк билим берүү программасы аяктады. 20 сааттык интенсивдүү иштөөгө эсептелинген стажировка конституциялык укук жаатындагы билимди тереңдетүүгө жана мамлекеттик бийлик органдарынын системасында Конституциялык соттун ролун комплекстүү түшүнүүнү калыптандырууга багытталды.




Катышуучулар мамлекеттик органдардын системасындагы Конституциялык соттун ролун, конституциялык сот өндүрүшүнүн этаптарын жана укуктук негиздерин, ченемдик укуктук актылардын конституциялуулугу презумпциясынын принцибин, судьялардын Конституциялык сотко кайрылууларынын өзгөчөлүктөрүн жана мындай суроо-талаптарды кароонун

тартибин окуп-изилдешти. Ченемдик укуктук актылардын конституциялуулугун баалоо боюнча практикалык ыкмаларга жана мыйзамдардын ар кандай багыттары боюнча Конституциялык соттун негизги чечимдерин талдоого өзгөчө көңүл бурулду.



Программа колдонмо мүнөздө болду. Стажировканын алкагында Конституциялык соттун имараты боюнча экскурсия уюштурулду, анын жүрүшүндө катышуучулар иш процесстери, сот отурумдары өтүүчү залдын түзүлүшү жана мекеменин китепкана фонду менен таанышты. Программа Конституциялык соттун судьялары менен ачык кесиптик диалог форматында жолугушуу менен аяктады. Иш-чара судьялардын кесиптик компетенттүүлүгүн чыңдоого жана сот адилеттигинин стандарттарын жогорулатууга багытталган.

**Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлиги менен өз ара аракеттенүүсү**



Конституциялык сотто 2025-жылдын 18-февралында Конституциялык соттун төрагасы Э.Ж. Осконбаевдин Кыргыз Республикасынын юстиция министри А.Б. Баетов менен эки ведомствонун өкүлдөрүнүн катышуусунда жолугушуусу болуп өттү. Конституциялык соттун чечимдерин ишке ашырууга, мыйзам чыгарууну өркүндөтүүгө жана коомдо конституциялык баалуулуктарды жайылтууга байланыштуу ведомстволор аралык өз ара аракеттенүүнүн негизги аспектилери талкууланды.

Тараптар Юстиция министрлигинин Конституциялык соттогу туруктуу өкүлүн дайындоо, ошондой эле Конституциялык соттун чечимдерин аткаруу үчүн Жогорку Кеңешке (Парламентке) киргизилүүчү мыйзам долбоорлорунун

сапатын жогорулатуу үчүн өз ара аракеттенүү маселелерин талкуулашты. Юстиция министрлигинин кызматкерлеринин арасында конституциялык сот өндүрүшү жөнүндө маалымдуулукту жогорулатуу боюнча биргелешкен ишти, анын ичинде окутуу иш-чараларын өткөрүүгө жана укуктук маалымат алмашууну кеңейтүү зарылдыгына өзгөчө басым жасалды.

Конституциялык көзөмөл органы менен Юстиция министрлигинин ортосундагы натыйжалуу кызматташтык – Конституциянын үстөмдүгүн жана өлкөнүн укуктук системасынын туруктуу өнүгүшүн камсыз кылуунун маанилүү шарты катары аныкталды.

**Акыйкатчы институту менен өз ара аракеттенүүсү**



Конституциялык сотто 2025-жылдын 12-мартында Конституциялык соттун төрагасы менен Акыйкатчынын (Омбудсмен) жумушчу жолугушуусу болуп өттү. Диалог жарандардын укуктарын жана эркиндиктерин коргоодо, ошондой эле Конституциянын үстөмдүгүн камсыз кылууда маанилүү ролду ойногон эки негизги институттун ортосундагы кызматташтыкты бекемдөөгө багытталды.

Талкуулардын жүрүшүндө Конституциялык соттун чечимдерин аткаруунун деңгээлин жакшыртуу, анын ичинде Акыйкатчынын атайын докладдарында аларды ишке ашыруу маселелерин чагылдыруу мүмкүнчүлүгүнө жана алардын чара көрүү актыларын колдонуусуна өзгөчө көңүл бурулду. Укуктук агартуу чөйрөсүндө биргелешкен демилгелерди иштеп чыгуу жана Акыйкатчынын аппаратынын кызматкерлеринин потенциалын жогорулатуу, анын ичинде Конституциялык сот тарабынан өткөрүлгөн конституционализм мектептерине катышуу аркылуу макулдашууга жетишилди.

Тараптар маалыматтык иш-чараларды кеңейтүүгө жана жарандардын өз укуктарын коргоо механизмдери жөнүндө маалымдуулугун жогорулатуу үчүн Конституциялык соттун жана Акыйкатчы институтунун ролун, статусун жана ишмердүүлүгүн түшүндүргөн жеткиликтүү материалдарды даярдоого макулдашышты. Бул диалог укуктук кепилдиктерди күчөтүү жана укуктук мамлекетти чыңдоо багытындагы маанилүү кадам болду.

Муну өнүктүрүүдө, 2025-жылдын 14-октябрында Конституциялык соттун судьясы Ч.А. Айдарбекова Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсмен) аппаратынын кызматкерлери үчүн “Адам укуктарын жана эркиндиктерин камсыздоодо жана коргоодо Конституциялык соттун ролу” деген темада маалыматтык семинар өткөрдү.

Семинардын жүрүшүндө иши бийлик бутактарынын ортосундагы тең салмактуулукту камсыз кылууга жана мамлекеттин эң жогорку баалуулугу

катары адам укуктары менен эркиндиктерин коргоого багытталган, конституциялык көзөмөлдү ишке ашыруучу сот бийлигинин жогорку органы катары Конституциялык соттун ролу жана функциялары кенен-кесири каралды.




Семинардын жүрүшүндө катышуучуларга жеке адамдын укуктук кепилдиктерин бекемдөөдө жана бузулган конституциялык укуктарды калыбына келтирүүдө Соттун чечимдеринин маанисин ачык көрсөткөн, Конституциялык соттун практикасынан алынган реалдуу кейстер сунушталды.

Иш-чара ачык диалог форматында өттү: катышуучулар суроолорду активдүү беришти, укуктук ыкмаларды талкуулашты жана жарандардын укуктары менен эркиндиктерин коргоо милдети жүктөлгөн институттардын өз ара аракеттенүүсү жөнүндө пикир алмашышты.

Мындай семинарларды өткөрүү мамлекеттик кызматчылардын укуктук билимдерин тереңдетүүгө, адам укуктарын коргоого бирдиктүү конституциялык-укуктук мамилени калыптандырууга жана мамлекеттик органдардын ишинде Конституциянын үстөмдүгү принцибин бекемдөөгө өбөлгө түзөт.

**Экологиялык сот адилеттиги маселелери боюнча судьялардын улуттук форуму**

2025-жылдын 26-27-сентябрында Чолпон-Ата шаарында “Экологиялык сот адилеттиги: чакырыктар жана келечеги” темасындагы Судьялардын улуттук форуму өттү. Форумга Конституциялык соттун судьясы, Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңешинин Тартип комиссиясынын төрагасынын орун басары Л.Ч.Жолдошева катышты.




Форумда Кыргыз Республикасындагы экологиялык сот адилеттигинин абалы жана өнүгүшү, жарандардын экологиялык укуктарын коргоо, эл аралык стандарттарды колдонуу жана соттук практиканы жакшыртуу маселелери талкууланды.

Талкууларда коомчулуктун экологиялык иштер боюнча сот адилеттигине жетүүсүн камсыз кылуу, адам укуктары системасындагы экологиялык адилеттиктин жана экологиялык коопсуздуктун концептуалдык негиздери, эл аралык экологиялык конвенциялар жана глобалдык милдеттенмелердин аткарылышынын деңгээли, пестициддердин Кыргызстандын шартында адамдын организмине жана калктын генофондуна тийгизген таасиринин көйгөйлөрү, ошондой эле экологиялык укук коргоочуларды коргоо маселелери талкууланды.

Форумдун жыйынтыгында экологиялык сот адилеттигин андан ары өнүктүрүүгө, укуктук инфраструктураны жакшыртууга жана ведомстволор аралык кызматташтыкты чыңдоого багытталган тыянактар жана сунуштар кабыл алынды.

**“Аял – дүйнөнү жакшы жакка өзгөрткөн лидер” аттуу эл аралык форум**




2025-жылдын 21-августунда Бишкекте “Аял – дүйнөнү жакшы жакка өзгөрткөн лидер” аттуу эл аралык форум өткөрүлүп, ага Кыргызстандын жана Өзбекстандын өкүлдөрү катышты. Ардактуу катышуучулардын арасында Конституциялык соттун судьясы Ч.А. Айдарбекова болду.

Конституциялык соттун мындай форматта катышуусу сот системасындагы гендердик аспекттин маанисин жана аял-судьялардын коомдук өнүгүүгө жана укуктук институттарды чыңдоого кошкон салымын баса белгилейт.

**“Аялдардын жана кыздардын сот адилеттигине жеткиликтүүлүгү. Гендердик зомбулукту алдын алуу” аттуу XI ар жылдык конференция**

2025-жылдын декабрында “Судья-аялдардын кыргыз ассоциациясы” КБ уюштурган “Аялдардын жана кыздардын сот адилеттигине жеткиликтүүлүгү. Гендердик зомбулукту алдын алуу” аттуу XI ар жылдык конференциясы өттү. Аялдардын укугун коргоого бөгөт болгон тоскоолдуктар жана гендердик-сезимтал сот практикасын өнүктүрүү ыкмалары талкууланды.

Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту Ассоциациянын демилгелерин ар дайым колдоп келет. Пленардык сессияда Конституциялык соттун төрагасы Э.Ж. Осконбаев жана Конституциялык соттун судьясы, Ассоциациянын ардактуу мүчөсү Ч.А. Айдарбекова сөз сүйлөштү.



Конституциялык соттун төрагасы, сот системасы сот адилеттигине реалдуу жетүүнү кепилдөөгө тийиш экендигин баса белгиледи:

“Ар бир аял жана ар бир кыз сотко коргоого жана урматтоого ээ болом деген ишеним менен келиши керек”.

Ал Конституциянын принциптерине карама-каршы келген мыйзам колдонулушу мүмкүн эместигин жана конституциялык көзөмөлгө берилиши керектигин белгиледи. Зомбулукту алдын алуу – бул укуктук мамлекеттин өнүгүүсүнүн ажырагыс элементи болуп саналат”,-деди.




Судья Ч.А. Айдарбекова сот адилеттигине болгон ишенимди бекемдөө жана адистердин компетенттүүлүгүн жогорулатуу зарылдыгын көрсөттү:

“Биз ар бир аял колдоого жана түшүнүүгө таяна турган шарттарды түзүшүбүз керек. Зомбулуксуз коом ырааттуу жана кесипкөй иш аркылуу курулат.”

Конференциянын алкагында жабырлануучуларды колдоонун жаңы механизмдери, укуктук жөнгө салууну өркүндөтүү жана зомбулуктун эрте алдын алуу зарылдыгы талкууланды.

Конференциянын катышуучулары аялдарды коргоо үчүн мезгил-мезгили менен көрүлгөн чаралар эмес, сот адилеттигинин бардык институттарынын системалуу жана координацияланган иши талап кылынарын баса белгилешти.

Судья-аялдардын кыргыз ассоциациясы жарандарды укуктук коргоонун сапатын жогорулатуучу чечимдер кабыл алынган маанилүү кесиптик аянтча бойдон калууда. Конституциялык сот ар бир адамдын калыс жана коопсуз сот адилеттигине кепилденген жеткиликтүүлүгүн камсыздоо үчүн Ассоциация менен кызматташтыкты мындан ары да бекемдей бермекчи.



## 2. Билим берүү жана илимий мекемелер менен өнөктөштүк

### 2.1. Конституционализм маселелери боюнча юридикалык форум

2025-жылдын 15-майында Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Жусуп Абдрахманов атындагы Мамлекеттик башкаруу академиясы, Конституциялык сот жана өлкөнүн алдыңкы жогорку окуу жайлары менен өнөктөштүктө уюштурган “Кыргыз Республикасындагы конституционализм: азыркы абалы жана өнүгүү келечеги” деген темада юридикалык форум болуп өттү.

Форумдун максаты – конституционализмди өнүктүрүү, укуктук билим берүүнү жана агартууну өркүндөтүү маселелерин талкуулоо үчүн кесипкөй аянтча түзүүдө болду.



Форумдун ишине мамлекеттик органдардын, Жогорку Кеңештин, сот системасынын, Акыйкатчы институтунун, илимий жана юридикалык коомчулуктун өкүлдөрү катышты.

Форумдун негизги милдеттеринин катарында: Конституциянын үстөмдүгүн камсыз кылуу чөйрөсүндөгү актуалдуу чакырыктарды талкуулоо; бийликтин ар кайсы бутактарынын, сот системасынын жана академиялык коомчулуктун өкүлдөрүнүн ортосунда пикир алмашуу; конституциялык баалуулуктарды окутууга жана жайылтууга карата бирдиктүү ыкмаларды иштеп чыгуу белгиленген.

Бул иш-чара катышуучуларга Конституциянын үстөмдүгүн камсыз кылуу чөйрөсүндөгү актуалдуу чакырыктарды талкуулоого, пикир алмашууга жана

конституциялык баалуулуктарды билим берүү программаларына интеграциялоо ыкмаларын аныктоого мүмкүндүк берди.

## 2.2. Жогорку окуу жайлар менен кызматташуу жөнүндө меморандумдар



2025-жылдын 27-февралында Конституциялык соттун юристтерди даярдоочу алдыңкы жогорку окуу жайлар менен кызматташуу жөнүндө меморандумдарга кол коюу аземи болуп өттү. Бул иш-чара укуктук билим берүүнү өнүктүрүүгө, илимий изилдөөлөрдү жүргүзүүгө жана болочок юристтердин конституциялык баалуулуктарды түшүнүүсүн жогорулатууга багытталган, Конституциялык сот менен юридикалык окуу жайларынын ортосундагы өнөктөштүктү чыңдоодогу маанилүү кадам болуп калды.

Иш-чаранын алкагында Конституциялык сот төмөнкү окуу жайлар менен кызматташуу жөнүндө меморандумдарга кол койду:

- ✓ Кыргыз Республикасынын ИИМинин А. Алиев атындагы академиясы;
- ✓ Жалал-Абад мамлекеттик университети;
- ✓ Борбордук Азиядагы Эл аралык университет;
- ✓ КР Башкы прокуратурасына караштуу Юридикалык академия;



✓ Ош мамлекеттик университети.



Конституциялык сот мурда кол коюлган меморандумдардын негизинде бир катар ЖОЖдор менен активдүү өз ара аракеттенет, алардын арасында:

- Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети;
- Б.Н. Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университети;
- КР Президентине караштуу Мамлекеттик башкаруу академиясы;
- Борбордук Азиядагы Америка университети;
- Ала-Тоо эл аралык университети;
- КР ТИМдин К. Дикамбаев атындагы дипломатиялык академиясы.

Мындай кызматташтык студенттерге Конституциялык соттун иши менен практикада таанышууга мүмкүнчүлүк берет, алардын кесиптик өнүгүүсүнө жана активдүү жарандык позициясын калыптандырууга өбөлгө түзөт.

### 2.3. Конституциялык окуулар

Кыргыз Республикасынын Юристтер күнүнө карата Конституциялык сот алдыңкы билим берүү жана кесиптик бирикмелер менен биргеликте “Постсоветтик өлкөлөрдөгү социалдык укуктук мамлекеттин конституциялык концепциясы: теория жана практика көйгөйлөрү” деген темада биринчи “Конституциялык окууларды” өткөрдү.



Конституциялык окуулардын ачылышы Конституциялык соттун төрагасынын видео куттуктоосу менен коштолду, анда ал социалдык укуктук мамлекетти түзүү жөн гана конституциялык декларация эмес, бийликтин бардык институттары үчүн ар күндүк милдет экендигин белгиледи. Анын сөзү боюнча, социалдык мамлекет адамдарга кызмат кылууда: социалдык ажырымды жоюуда, калктын аярлуу топторун коргоодо жана билим берүүгө, саламаттыкты сактоого жана сот адилеттигине жетүүнү камсыз кылууда өзүнүн маңызын ачып көрсөтөт.

Ал юристтерге, окутуучуларга жана академиялык коомчулукка өзгөчө роль таандык экендигин, алардын келечек муундарда укуктук аң-сезимди жана Конституцияга болгон урматтоону калыптандырууда кошкон салымын баса белгиледи.

Окуулардын программасына пленардык жыйын жана үч сессиялык блок кирди, аларда социалдык мамлекеттин өнүгүшүнүн негизги аспектилери: социалдык мамлекеттин теориялык жана укуктук негиздери; конституциялык көзөмөл жана социалдык-экономикалык укуктарды ишке ашыруу; укуктук системаны калыптандыруудагы жалпыга маалымдоо каражаттарынын, билим берүүнүн жана илимдин ролу; постсоветтик трансформация мезгилиндеги шарттарда эл аралык мамилелер жана чакырыктар талкууланды.



Бул иш-чара Кыргызстан, Казакстан, Кытай, Беларусь, Россия, Армения жана Өзбекстандан келген укук таануучулардын, судьялардын, юрист-окумуштуулардын жана эксперттердин жеке жана онлайн форматында катышуусу менен өзгөчө болду. Талкуулар активдүү дикуссиялар, мамлекеттик

жана академиялык институттар үчүн практикалык сунуштарды иштеп чыгуу менен коштолду.

Конституциялык окуулар илимий өз ара аракеттенүү, аймактык кызматташтыкты чыңдоо,адилеттүү жана туруктуу социалдык мамлекетти куруу ишинде стратегиялык чечимдерди табуу үчүн натыйжалуу аянтча катары маанилүү экендигин тастыктады.

### 2.4. Конституционализм мектептери

2025-жылы Конституциялык сот конституциялык маданиятты калыптандыруунун жана колдоонун негизги инструменти катары “Конституционализм мектептери” программасын системалуу ишке ашырууну улантты.

Бул программалар ар кандай максаттуу топторду камтыды жана конституциялык-укуктук принциптерди түшүнүүнүн сапатын жогорулатууга, катышуучулардын кесиптик укуктук позициясын чыңдоого жана укук коргоо практикасында Конституцияны колдонууга карата мамилелердин бир түрдүүлүгүн камсыз кылууга багытталган болчу.

Лектордук курамда Конституциялык соттун төрагасы Э.Ж.Осконбаев, ошондой эле судьялар Ч.А.Айдарбекова жана М.Р.Бобукеева болду.

**Юридикалык коомчулук жана адвокатура үчүн конституционализм мектептери**

2025-жылдын 28-февралында өткөрүлгөн Конституционализм мектеби жарандардын укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргогон юридикалык коомчулуктун жана адвокатуранын өкүлдөрүнө багытталды. Иш-чара конституциялык сот адилеттигинин механизмдерин жана Конституциялык соттун адам укуктарын коргоо системасындагы ролун практикалык жактан терең түшүнүүгө багытталды.



Программанын алкагында Конституциялык соттун мамлекеттик бийлик системасындагы ордун жана ролун, Конституциянын үстөмдүгүн камсыз кылууда анын конституциялык-укуктук миссиясын, ошондой эле

конституциялык сот өндүрүшүнүн өзгөчөлүктөрүн жана Конституциялык сотко кайрылуу тартибин аныктаган жоболор кенен-кесири түшүндүрүлдү.

Конституциялык соттун актыларынын укуктук мүнөзүнө жана юридикалык күчүнө, конституциялык контролдоо механизмдерине жана ченемдик укуктук актылардын конституциялуулугун баалоонун негизги принциптерине, анын ичинде пропорционалдуулук жана акылга сыярлык чектөө принциптерине өзүнчө көңүл бурулду.

Мектептин практикалык бөлүгү Конституциялык соттун практикасынан алынган реалдуу кейстерди талдоону жана укуктук аргументтерге жана конституциялык даттануунун жол берилишине болгон талаптарды эске алуу менен кайрылууларды даярдоо көндүмдөрүн калыптандырууну камтыды.

*Максаттуу багыттуулугу:* юристтер менен адвокаттарда жарандардын укуктарын жана эркиндиктерин коргоо үчүн конституциялык сот адилеттигинин механизмдерин колдонуунун натыйжалуу инструменттерин калыптандыруу.

**Мамлекеттик органдардын өкүлдөрү үчүн Конституционализм мектептери**

2025-жылдын 24-25-июнунда өткөрүлгөн Конституционализм мектеби мамлекеттик органдардын өкүлдөрү үчүн уюштурулуп, ал Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлиги, Ченем жаратуу жана укук үстөмдүгү институту менен биргеликте, ошондой эле Европа биримдигинин долбоорунун колдоосунда ишке ашырылды.



Иш-чаранын негизги максаты конституциялык ченемдерди колдонууга бирдиктүү институционалдык мамилелерди калыптандыруу жана мамлекеттик органдардын ишинде Конституциялык соттун укуктук позицияларын аткарууну камсыз кылуу болду.

Конституционализм мектебинин программасы конституциялык сот өндүрүшүнүн өзгөчөлүктөрүн, мамлекеттик органдардын конституциялык процесстеги катышуусун, укуктук корутундуларды даярдоо жана аргументтөөнү түзүү маселелерин, ошондой эле Конституциялык соттун чечимдеринин юридикалык күчүн, аткаруу тартибин жана түшүндүрүүсүн камтыды.

*Максаттуу багыттуулугу:* мамлекеттик органдардын ченем жаратуу жана укук колдонуу иш-аракеттеринин Конституцияга жана Конституциялык соттун укуктук позицияларына шайкештигин камсыз кылуу.

## Практик юристтер үчүн Конституционализм мектептери

2025-жылдын 9-10-июлунда “Адилет” укуктук клиникасы” коомдук фонду менен биргеликте практик юристтер үчүн уюштурулган дагы бир Конституционализм мектеби өткөрүлдү. Катышуучулар Конституциялык соттун кылмыш-жаза жана кылмыш-жаза-процессуалдык мыйзамдарынын маселелерине тиешелүү укуктук позицияларын талдап чыгышты.




Ченемдик укуктук актылардын конституциялык-укуктук аныксыздыгы темасына өзгөчө көңүл бурулду, анткени алар Конституциялык сотко кайрылуу үчүн негиз болуп саналат жана мындай кайрылууларга коюлган талаптар түшүндүрүлдү.

2025-жылдын 2-октябрында конституциялык сот өндүрүшү жана кесиптик ишмердүүлүктө конституциялык баалуулуктарды колдонуу боюнча юристтердин билимин жогорулатууга багытталган мектеп өттү.



Иш-чаранын аякташы менен катышуучуларга сертификаттар тапшырылды. Иш-чара “СИВИКС” коомдук фондусунун техникалык колдоосунда өттү.

*Максаттуу багыттуулугу:* юристтердин практикада укуктук жактан аргументтөөсүнүн сапатын жана конституциялык механизмдерди колдонууга кесиптик даярдыгынын жогорулатуу.

## Юридикалык факультеттердин окутуучулары үчүн Конституционализм мектептери

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун жогорку окуу жайлар менен конституциялык баалуулуктарды жайылтууга жана укуктук сабактарды окутууга бирдиктүү мамилени иштеп чыгууга багытталган өз ара аракеттенүүсүнүн алкагында 2025-жылдын 9-октябрында юридикалык факультеттердин окутуучулары үчүн Конституционализм мектептери өткөрүлдү.

Иш-чаранын максаты болочок юристтерди даярдоонун сапатын жакшыртууга, конституциялык укуктун теориясы менен практикасынын ортосундагы байланышты бекемдөөгө, ошондой эле юристтердин жогорку квалификациялуу муунун түзүү үчүн академиялык коомчулук менен өнөктөштүктү өнүктүрүүгө көмөк көрсөтүү болуп саналат.



Программанын алкагында Конституционализм мектебинин катышуучулары бир катар негизги темалар, анын ичинде конституциялык контролдоо органынын мамлекеттик бийлик системасындагы орду жана ролу, конституциялык сот өндүрүшүнүн өзгөчөлүктөрү, ченемдик актылардын конституциялуулугун баалоодо укук принциптерин жана укук доктриналарын колдонуу, ошондой эле Конституциялык соттун чечимдеринин юридикалык күчү жана аларды аткаруунун тартиби менен таанышты.

Катышуучулар алынган билимдер окуу программаларын өркүндөтүүгө жана студенттердин укуктук маданиятын жогорулатууга өбөлгө түзөөрүн белгилешти.

*Максаттуу багыттуулугу:* Конституциялык соттун практикасын жана азыркы конституциялык-укуктук мамилелерди юридикалык билим берүү системасына интеграциялоо.

2025-жылы “Конституционализм мектептери” программаларын ишке ашыруу ар кандай кесиптик топтор менен иштөөгө дифференциацияланган жана максаттуу мамилени иштеп чыгууга мүмкүндүк берди. Мындай формат билим берүү иш-чараларынын мазмунун катышуучулардын кесиптик муктаждыктарына адаптациялоону камсыз кылды жана конституциялык маданиятты жана укуктук системанын туруктуулугун чыңдоо үчүн натыйжалуу инструментке айланды.

**Башпаанек жана жарансыздык маселелери боюнча маалыматтык семинар**

2025-жылдын 7-октябрында Конституциялык соттун судьялары жана аппараттын кызматкерлери үчүн БУУнун КЖКБнын Улуттук кеңсеси жана “Адилет” укуктук клиникасы” коомдук фонду менен биргеликте уюштурулган

“Башпаанек алуу укугу жана жарансыздык институту: эл аралык жана конституциялык аспектилер” деген темада маалыматтык семинар өткөрүлдү.



Семинарды ачып жатып, Конституциялык соттун төрагасы Эмиль Осконбаев ар бир укуктук ченемдин артында, өзгөчө качкындарды жана жарандыгы жок адамдарды коргоо жаатында абстрактуу конструкция эмес, көңүл бурууну, калыс мамилени талап кылган конкреттүү адамдын тагдыры бар экендигине көңүлдү бурду. Бул ойду андан ары улантып, БУУнун Качкындар иштери боюнча жогорку комиссарынын башкармалыгынын Улуттук кеңсесинин башчысынын милдетин аткаруучу У. Айдарова, башпаанекке укук – адамдык кадыр-барктын жана мамлекеттин аярлуу топтордун алдындагы жоопкерчилигинин көрүнүшү деп белгиледи.



Талкуулардын жүрүшүндө катышуучулар качкындарга жана жарандыгы жок адамдарга коргоо берүүнүн эл аралык жана улуттук стандарттарын карап чыгышты, ошондой эле укуктук коргоо механизмдерин жана аларды Кыргыз Республикасынын эл аралык милдеттенмелеринин контекстинде практикалык ишке ашыруунун татаалдык жагын карап чыгышты.

Семинар анын алкагында башпаанек издөөгө аргасыз болгон адамдардын укуктарын коргоого болгон мамилелерди комплекстүү түшүнүү иштелип чыкты жана улуттук укуктук системанын ажырагыс бөлүгү катары гуманизм принциптерине берилгендик тастыкталды.

Семинар мазмундуу кесиптик диалог үчүн аянтча болуп, анын алкагында башпаанек издеген адамдардын укуктарын коргоо ыкмаларына толук түшүнүү калыптандырылып, улуттук укук системасынын ажырагыс бөлүгү катары гуманизм принциптерине берилгендик ырасталды.

## 2.5. Жерине баруу менен лекцияларды өткөрүү жана Ачык эшиктер күнү

Жыл сайын 5-майда белгиленүүчү, Кыргыз Республикасынын Конституция күнүнө карата Конституциялык сот салттуу түрдө студенттик



аудитория үчүн өзүнүн эшигин ачып, өлкөнүн болочок юристтери менен диалогду улантып келет.

Кезектеги жолугушуунун алкагында Борбордук Азиядагы Эл аралык университетинин жана Кыргыз Республикасынын Президенте караштуу Мамлекеттик башкаруу академиясынын студенттери Конституциялык сотко келишти.

Катышуучулар үчүн бул конституциялык көзөмөлдүн жогорку органынын иши менен таанышуу эле эмес, мамлекеттик жана коомдук жашоо-турмуштун негиздерин аныктаган жандуу укуктук инструмент катары Конституциянын практикалык маанисин аңдап-сезүү үчүн мүмкүнчүлүк болду. Жолугушууда Конституциялык соттун адам укуктарын жана эркиндиктерин коргоодогу жана Баш Мыйзамдын үстөмдүгүн камсыз кылуудагы ролун түшүнүүгө басым жасалды.

Конституциялык соттун судьясы Ч.А. Айдарбекова студенттерге кайрылды. Ал өз сөзүндө Конституциянын коомдун жашоо-турмушундагы маанисине, жарандардын укуктарын жана эркиндиктерин коргоодогу Конституциялык соттун ролуна, ошондой эле өлкөдөгү укук коргоо практикасына таасирин тийгизген негизги чечимдерге токтолду.

Студенттер менен жандуу баарлашуу иш-чаранын мазмундуу бөлүгүн түздү: болочок юристтер талкууга жигердүү катышып, актуалдуу укуктук маселелерди көтөрүп, Конституциялык соттун судьяларынан жана анын Аппаратынын кызматкерлеринен кесиптик багыт алышты. Соттун имараты боюнча экскурсия катышуучуларга анын уюштуруучулук түзүмү жана негизги функциялары, ошондой эле Кыргызстанда конституциялык көзөмөл институтунун калыптануу жолу менен таанышууга мүмкүндүк берди.

Сунушталган архивдик материалдар конституциялык сот адилеттигинин эволюциясын айкын чагылдырып, ал эми заманбап технологиялык чечимдерди колдонуу сот ишинин азыркы шарттардагы өнүгүү динамикасын көрсөттү.

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун мындай демилгелерди ырааттуу ишке ашыруусу анын юридикалык жаштар менен ачык диалог жүргүзүүгө жана конституциялык баалуулуктарга туруктуу кызыгууну калыптандырууга берилгендигин тастыктайт. Мындай өз ара аракеттенүү форматтары аркылуу болочок юристтердин кесиптик өсүшү жана укуктук мамлекеттин маанилүү түзүүчүсү катары конституциялык маданиятты бекемдөө үчүн шарттар түзүлөт.



## 2.6. Конституция күнүнө карата студенттер үчүн конкурс

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунда 2025-жылдын 20-майында Кыргыз Республикасынын Конституциясынын күнүнө арналган студенттик конкурстун жеңүүчүлөрүн сыйлоо аземи болуп өттү.

“Кандай конституциялык укук мага турмуштук кыйынчылыкты чечүүгө жардам берди?” аттуу тандалып алынган тема өлкөдөгү юридикалык жогорку окуу жайларынын жана факультеттеринин студенттеринин арасында кеңири колдоо тапты. Ал жаштардын конституциялык укуктарды иш жүзүндө колдонуусуна карата аңдап-түшүнүлгөн кызыгуусун көрсөттү.



Студенттик конкурс 2014-жылдан бери өткөрүлүп келет жана көп жылдар бою укуктук маданиятты жогорулатуу, Конституцияга урматтоо мамилесин калыптандыруу жана адам укуктарын коргоо механизмдерине жана конституциялык түзүлүштүн негиздерине кызыгууну бекемдөө үчүн натыйжалуу аянтча болуп кызмат кылат. Жыл өткөн сайын анын катышуучуларынын чөйрөсү кеңейүүдө, бул укуктук агартуунун аталган формасынын суроо-талапка ээ экендигин көрсөтүп турат.

Салтанаттуу азем жаштардын интеллектуалдык эмгегине жана жарандык позициясына карата урматтоо атмосферасында өттү. Конкурстук комиссиянын төрагасы, Конституциялык соттун төрагасынын орун басары К.А.Дуйшеев финалисттерге жана конокторго куттуктоо сөзү менен кайрылып, мындай демилгелер келечектеги юристтердин жетилген укуктук аң-сезимин калыптандыруу жана коомдук аң-сезимде Конституциянын ролун бекемдөө үчүн маанилүү экендигин белгиледи.

Конкурстук иштерди кароонун жыйынтыгы боюнча компетенттүү калыстар тобу жеңүүчүлөрдү аныктады:

- 1-орун – Бакытов Руслан Бакытович, Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасынын Юридикалык академиясынын 1- курсунун студенти.
- 2-орун – Жамшитбекова Венера Толкунбековна, Ош мамлекеттик университетинин Тарых жана юриспруденция институтунун 1-курсунун студенти.
- 3-орун – Малабаева Аяна Мухаммедалиевна, Ош мамлекеттик университетинин 3-курсунун студенти.
- Ыраазычылык кат – Сулайманова Амина Умарали, Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасынын Юридикалык академиянын 1- курсунун студенти.



Жеңүүчүлөргө дипломдор, ыраазычылык кат жана эстеликке белектер тапшырылды.

Жаштарга багытталган агартуу форматтары Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун ишинин туруктуу багыты болуп саналат.

**2.7. Республикалык студенттик конкурс**

2025-жылдын 15-ноябрында Токмок шаарында Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун 35 жылдыгына арналган “Конституциялык сот өндүрүшү боюнча оюн форматындагы соттук процесстер” (Moot Court) аттуу республикалык студенттик конкурс болуп өттү.

Уюштуруучулар КР Конституциялык соту, Борбор Азиядагы Америка университети (БААУ), Б.Н. Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университети жана “СИВИКС” коомдук фонду болду.



Иш-чара БААУнун жаңы корпусунда өттү жана өлкөнүн 6 алдыңкы жогорку окуу жайларынын юридикалык факультеттеринин командаларын чогултту.

Куттуктоо сөздөрүндө чыгып сүйлөгөндөр moot court форматынын практикалык баалуулугун белгилешти. Бул формат студенттерге юридикалык аргументтөө, эл алдында сүйлөө жана конституциялык-укуктук ченемдерди

талдоо көндүмдөрүн өркүндөтүүгө мүмкүндүк берет. Конкурс эки этаптан турду: жазуу жүзүндөгү тапшырма жана оозеки үч раунд, мында реалдуу конституциялык сот процессинин атмосферасы толугу менен түзүлдү. Командалар арыз берүүчүнүн жана мамлекеттик органдын ролун аткарып, татаал кейс боюнча укуктук позицияларын билдирип, калыстар тобунун суроолоруна жооп берип, укуктук материалдарды тез өздөштүрүү жөндөмдөрүн көрсөтүштү. Катышуучулар практикалык юристтердей ой жүгүртүү, аргументтөө, талдоо жүргүзүү жана ынандыруу көндүмдөрүн көрсөтүштү.



Жазуу жүзүндөгү тапшырмаларды жана биринчи эки раундду баалоодон кийин, финалга чыккандар аныкталды. Акыркы үчүнчү тур эң динамикалуу болду: командалар терең укуктук талдоолорун сунуштап, аргументтерди активдүү иштеп чыгышты жана калыстарды өздөрүнүн укуктук позициясынын бекемдигине ынандырууга аракет жасашты.

Конкурстун жыйынтыгы боюнча сыйлыктарды төмөнкүлөр алышты:

**I орун** – “Ала-Too” эл аралык университети

**II орун** – Кыргызстандын эл аралык университети

**III орун** – Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети.

Номинациялар:

**Мыкты оратор** – Курманалиева Адэля - Борбордук Азиянын Эл аралык университети.

**Мыкты жазуу жүзүндөгү меморандум** –“Ала-Тоо” эл аралык университети.

**Мыкты командалык иш** – –“Ала-Тоо” эл аралык университети.

**Мыкты юридикалык стиль** – Б. Ельцин атындагы КРСУ.

Жеңүүчүлөргө дипломдор жана эстеликке белектер тапшырылды.

Moot Court студенттерге теорияны реалдуу сот процессине мүмкүн болушунча жакындатылган шартта колдонууга мүмкүндүк берген практикалык платформаны түзүүгө багытталган. Бул иш-чара ошондой эле укуктук маданиятты чыңдоого, аналитикалык ой жүгүртүүнү өнүктүрүүгө жана конституциялык баалуулуктарга жана мыйзам үстөмдүгү принцибине карата урматтоону калыптандырууга өбөлгө түзөт.

## *Эл аралык кызматташтык*

2025-жылы Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту эл аралык кызматташтыкты активдүү өнүктүрүп, конференцияларга, форумдарга, билим берүү программаларына жана эки тараптуу жолугушууларга катышты. Бул эл аралык кызматташтык чет өлкөлөрдөгү конституциялык көзөмөл органдары менен кесиптик байланыштарды чыңдоого, укуктук мамилелерди жана мыкты тажрыйбаларды алмашууга, ошондой эле адам укуктарын коргоо, мыйзам үстөмдүгү жана конституциялык сот адилеттиги институттарын өнүктүрүү маселелери боюнча глобалдык диалогду түзүүгө активдүү катышууга багытталган.

### Эл аралык укуктук демилгелерге катышуу

2025-жылдын 20-январында Глобалдык Түштүк тармагы (Global South Network) Улуу Британиянын Жогорку сотунун төрагасы лорд Роберт Риддин катышуусунда Бириккен Королдук менен Глобалдык Түштүк өлкөлөрүнүн ортосундагы соттук кызматташтык темасына онлайн лекция өткөрдү.



Бул иш-чарага судья Л.Ч. Жолдошева катышты жана өзүнүн чыгып сүйлөгөн сөзүндө соттук кызматташтыкты өнүктүрүүнүн маанилүүлүгүн, адам укуктарын коргоонун жана санариптик сот адилеттигинин ролун белгиледи.

2025-жылдын 16-апрелинен 29-апрелине чейин судьялар Ч.А. Айдарбекова жана М.Р. Бобукеева Кытай Эл Республикасынын Коммерциялык министрлигинин колдоосунда Шаньдун тышкы соода кесиптик колледжи тарабынан уюштурулган, КЭРде өткөн эл аралык окуу семинарына катышты.




Программа кытайлык укуктук системасын, эл аралык коммерциялык талаш-тартыштарды чечүү механизмдерин жана санариптик коопсуздук маселелерин окуп-үйрөнүүнү, ошондой эле сот жана юридикалык мекемелерге практикалык сапарларды камтыды.

2025-жылдын 8 жана 19-июнунда судья Л.Ч. Жолдошева кыргыз делегациясынын курамында Азербайжанда өткөн Азербайжан Республикасынын Сот-укуктук кеңешинин 20 жылдыгына арналган “Соттук башкаруу жаатында глобалдык чакырыктар” аттуу эл аралык конференцияга катышты.




Конференция Түрк мамлекеттеринин уюмуна мүчө мамлекеттердин судьялар кеңештеринин төрагаларынын жана байкоочуларынын үчүнчү кеңешмесинин алкагында өттү.

Иш-чаранын программасы соттук башкаруу чөйрөсүндөгү глобалдык чакырыктар жана учурдагы эл аралык чечимдер боюнча эки панелдик талкууну камтыды. Соттордун көз карандысыздыгын чыңдоо, санариптештирүү, сот адилеттигинин натыйжалуулугун жогорулатуу жана эл аралык кызматташтыкты кеңейтүү маселелери талкууланды.

Иш-чаранын алкагында Түрк мамлекеттеринин уюмуна мүчө өлкөлөрдүн Соттук кеңештеринин тармагын түзүү жөнүндө уставга кол коюлду, ал укуктук тилектештикти чыңдоого жана тажрыйба алмашууга багытталган.

Судья Л.Ч. Жолдошева Азия конституциялык сотторунун жана ага теңештирилген институттарынын ассоциациясынын (АКСА) мүчөлөрүнүн кеңешинин онлайн-жыйналышына катышты, анда Таиланд Конституциялык сотунун төрагалыгынын жыйынтыктары талкууланды жана Ирак Жогорку федералдык сотунун Ассоциацияга кирүү жөнүндө демилгеси колдоого алынды.




**Конституциялык юрисдикциялардын форумдарына жана симпозиумдарына катышуу**

2025-жылдын 25-27-апрелинде Конституциялык соттун төрагасы башында турган Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун делегациясы Стамбулда Түркиянын Конституциялык сотунун 63 жылдыгына арналган салтанаттуу иш-чараларга, анын ичинде “XXI кылымдагы

конституциялык сот адилеттигинин келечеги" аттуу эл аралык симпозиумга жана TÜRK-AY мүчөлөрүнүн кеңешинин жыйналышына катышты.



2025-жылдын 25-28-августунда судьялар М.Ш. Касымалиев жана К.Дж. Кыдырбаев Кыргызстандын атынан Сеул шаарында (Корея Республика) өткөн АКСА SRDнын жеке турмушка укукка арналган 5-эл аралык симпозиумга катышты.




Судья К.Дж. Кыдырбаев санариптештирүү шартында жеке жашоого кол тийбестикке укукту коргоого карата Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун позициясы жөнүндө баяндама жасады.




Судьялар Ч.А. Айдарбекова жана М.Р. Бобукеева ошондой эле Азербайжан Республикасынын Конституциясынын 30 жылдыгына арналган иш-чараларга, анын ичинде Конституциянын үстөмдүгүн камсыз кылуу боюнча эл аралык конференцияга жана Түрк дүйнөсүнүн Конституциялык юрисдикцияларынын жыйналышына (TÜRK-AY) катышты.

Конституциялык контролдоонун учурдагы чакырыктары талкууланып, аймакта мыйзам үстөмдүгүн бекемдөө жана адам укуктарын коргоо боюнча ыкмалар иштелип чыкты.

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьяларынын мындай абройлуу эл аралык форумдарга катышуусу түрк дүйнөсүнүн өлкөлөрүнүн ортосундагы кесиптик диалогду жана укуктук кызматташтыкты чыңдоодогу маанилүү кадам болуп саналат. Мындай иш-чаралар тажрыйба алмашууга жана конституциялык контролдоо жаатындагы учур чакырыктарын талкуулоого гана эмес, ошондой эле Конституциянын үстөмдүгүн жана жарандардын укуктары менен эркиндиктерин камсыз кылууга карата ыкмаларды биргелешип иштеп чыгууга мүмкүндүк берет.

## Эки тараптуу байланыштар жана академиялык кызматташуу

2025-жылдын 4-августунда Лестер университетинин (Улуу Британия) укук мектебинде судья Л.Ч. Жолдошеванын Global South Network демилгечиси, доктор Науман Реаят менен жумушчу жолугушуусу болуп өттү.



Лестер университетинин укук мектеби Улуу Британиядагы юридикалык билим берүүнүн алдыңкы борборлорунун бири болуп саналат. Ал кылымдар бою калыптанган салттарды инновация менен айкалыштырат, Teaching Excellence Framework (TEF 2023) алтын лауреаты статусуна ээ жана эл аралык деңгээлдеги багыты күчтүү.

Эл аралык кызматташтыктын алкагында доктор Науман Реаят 2025-жылдын 18-июнунда Чолпон-Ата шаарында өткөн Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун 35 жылдыгына арналган “Жаңы демократия өлкөлөрүндө конституциялык сот адилеттигинин калыптанышы” темасындагы эл аралык конференцияга катышкан.

Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту менен университеттин ортосундагы илимий жана академиялык кызматташтыктын келечеги, ошондой эле глобалдашуу шартында сот системалары туш болгон учурдагы чакырыктар талкууланды.



2025-жылдын 11-12-сентябрында судья Ч.А. Айдарбекова Казакстандын Астана шаарында Казакстандын Конституциясынын 30 жылдыгына арналган “Тынчтык жана келечек мыйзам аркылуу” аттуу конституциялык сот адилеттиги боюнча эл аралык форумга катышты. Ал өз докладында Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун жарандардын аярлуу категорияларын коргоо жана сот адилеттигине калыс жетүүнү камсыз кылуу боюнча тажрыйбасын сунуштады.



2025-жылдын 23-26-сентябрында Конституциялык соттун төрагасы башчылык кылган Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун делегациясы Россия Федерациясынын Конституциялык сотунун чакыруусу менен Россия Федерациясына жумушчу сапар менен барды.

Делегациянын курамында Конституциялык соттун судьялары М.Ш.Касымалиев жана Ж.А.Шаршеналиев болду.

Иш сапардын жүрүшүндө Россия Федерациясынын Конституциялык сотунун жетекчилиги жана судьялары менен жолугушуулар өттү, конституциялык сот өндүрүшү, жарандардын даттанууларын кароо жана эл аралык аянтчаларда кызматташууну уюштуруу маселелери талкууланды.

Билим берүү компонентине өзгөчө көңүл бурулду – Конституциялык соттун төрагасы Ломоносов атындагы Москва мамлекеттик университетинин юридикалык факультетинде лекция окуду.

Иш сапар ачык диалог, өз ара урматтоо жана конструктивдүү тажрыйба алмашуу духунда өтүп, эки тараптуу байланыштарды бекемдеп, Кыргызстан менен Россиянын конституциялык көзөмөл органдарынын ортосундагы кызматташуунун жаңы мүмкүнчүлүктөрүн ачты.

Түркия Республикасынын Конституциялык соту тарабынан уюштурулган, Азия конституциялык сотторунун жана ага теңештирилген институттарынын ассоциациясынын (АКСА-CTHRD) Адам ресурстарын даярдоо жана өнүктүрүү борборунун 13-жайкы мектеби 2025-жылдын 5-9-октябрында Түркиянын Анкара шаарында өттү.

Бул жылкы программа "Үй-бүлөлүк жашоо-турмуш конституциялык-укуктук көз караште жана үй-бүлөлүк жашоону урматтоо укугу" темасына арналды. Катышуучулар адам укуктарын коргоо, конституциялык баалуулуктарды бекемдөө жана үй-бүлөлүк укуктарды соттук коргоонун механизмдерин өркүндөтүү боюнча тажрыйба жана билимдер менен алмашышты.

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунан соттун аппаратынын кызматкерлери Жайкы мектептин ишине катышып, үй-бүлөлүк мамилелер жаатындагы улуттук мыйзамдарга жана эл аралык келишимдерге серепти, ошондой эле бул тема боюнча конституциялык көзөмөл органынын укуктук позицияларын камтыган баяндама жасашты.

Панелдик сессиялардын жүрүшүндө ар кайсы өлкөлөрдүн үй-бүлөлүк мамилелерди укуктук жөнгө салууга мамилелери, жубайлардын тең укуктуулугу, ата-энелик жоопкерчилик жана балдардын укуктарын коргоо маселелери талкууланды. Иш-чаранын жумушчу тили – англис жана орус тилдери болгондуктан, ачык жана мазмундуу пикир алмашууга шарт түзүлдү.




(АКСА-CTHRD) жайкы мектеби салттуу түрдө Азия өлкөлөрүнүн конституциялык сотторунун өкүлдөрүн бириктирип, кесиптик компетенцияларды өнүктүрүүгө жана конституциялык сот адилеттиги чөйрөсүндө эл аралык кызматташтыкты чыңдоого өбөлгө түзөт. Программа аяктагандан кийин бардык катышуучуларга сертификаттар тапшырылды.

Конституциялык соттун судьялары М.Р. Бобукеева жана Л. Ч. Жолдошева Испания Королдугунун Конституциялык сотунун чакыруусу боюнча Европа Кеңешинин Венеция комиссиясынын колдоосунда 2025-жылдын 28-30




октябрында Мадридде (Испания) болуп өткөн конституциялык сот адилеттиги боюнча Бүткүл дүйнөлүк конференциянын VI конгрессинин ишине катышты “Келечек муундардын адам укуктары” темасындагы Конгресстин ишине конституциялык соттордун 88 делегациясы, бардыгы болуп 300гө жакын адам катышты. Аталган теманын алкагында экологиялык, маданий жана санариптик укуктарды коргоо, ошондой эле сот бийлигинин көз карандысыздыгын бекемдөө маселелери талкууланды.

Катышуучулар Конституциялык сот адилеттиги боюнча Бүткүл дүйнөлүк конференциянын алкагында өз ара аракеттенүү, башка регионалдык жана лингвистикалык топтор менен кызматташуу маселелерин талкуулашты, ошондой эле 2026-жылга карата биргелешкен иш-чаралардын планын макулдашышты.

Мындай кызматташтыктын алкагында Конгресстин аянтчасында 2025-жылдын 28-октябрында гибриддик форматта Конституциялык контролдоо органдарынын Евразия ассоциациясынын комитетинин жыйналышы болуп өттү. Жыйналышка тогуз мамлекеттин – Азербайжандын, Армениянын, Казакстандын, Кыргызстандын, Монголиянын, Тажикстандын, Өзбекстандын (оффлайн), ошондой эле Беларустун жана Россия Федерациясынын (онлайн) конституциялык сотторунун өкүлдөрү катышты.

Форумдун жыйынтыгы боюнча кабыл алынган Мадрид коммюникеси адам укуктарын жана эркиндиктерин коргоодо конституциялык соттордун ролунун маанилүүлүгүн, ошондой эле алардын келечек муундар алдындагы жоопкерчилигин тастыктады.

2025-жылдын 4-ноябрында Конституциялык соттун төрагасы Бириккен Улуттар Уюмунун Кыргыз Республикасындагы Туруктуу координатору Антье Граве жана БУУнун адам укуктары боюнча Борбордук Азиядагы Жогорку комиссарынын башкармалыгынын Регионалдык өкүлү Матильда Богнер менен жолугушуу өткөрдү.

Жолугушуунун жүрүшүндө укуктук агартуу жаатындагы кызматташуунун мындан аркы багыттары талкууланды. Өзгөчө көңүл конституциялык жана эл аралык укук боюнча биргелешкен билим берүү иш-чараларын жана семинарларды, анын ичинде болочок парламентарийлер жана юридикалык факультеттердин студенттери үчүн өткөрүү маселелерине бурулду. Тараптар белгилегендей, мындай демилгелерди өнүктүрүү укуктук маданиятты



калыптандырууга, конституциялык баалуулуктарды бекемдөөгө жана укук үстөмдүгүнүн принциптерин илгерилетүүгө өбөлгө түзөт.

2025-жылдын 11-ноябрында Конституциялык соттун төрагасы Өзбекстан Республикасынын Конституциялык сотунун 30 жылдыгына арналган “Конституциялык реформалардын жана конституциялык контролдоо институтун өнүктүрүүнүн актуалдуу маселелери” темасындагы эл аралык конференцияга катышты.

Конференция конституциялык юстиция органдарынын жетекчилерин, парламенттердин, эл аралык уюмдардын өкүлдөрүн жана окумуштуу-укук таануучуларды бириктирди. Иш-чарага Таиланд, Индонезия, Түркия, Казакстан, Кыргызстан, Азербайжан, Россия жана Беларусту кошо алганда бир катар мамлекеттердин конституциялык сотторунун төрагалары жана судьялары, ошондой эле 30дан ашык эксперттер жана эл аралык түзүмдөрдүн өкүлдөрү катышты.

Катышуучулар адамдын кызыкчылыктарын камсыз кылуу көз карашынан алганда конституциялык реформалар маселелерин, конституциялык көзөмөлдү жүзөгө ашырууга жана укуктар менен эркиндиктерди коргоого карата заманбап мамилелерди, ошондой эле жаңы укуктук жана социалдык чакырыктар шартында конституциялык сот адилеттигинин практикасын өркүндөтүүнүн актуалдуу милдеттерин талкуулашты.




Иш-чаранын жүрүшүндө Азия конституциялык сотторунун жана ага теңештирилген институттарынын ассоциациясында 2025-2027-жылдары төрагалыкты Таиланд Королдугунун Конституциялык сотунан Өзбекстан Республикасынын Конституциялык сотуна өткөрүп берүү аземи болуп өттү. Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун төрагасы “Кыргыз Республикасында конституциялык көзөмөлдүн калыптанышы: институтташтыруу чакырыктары жана туруктуулук жолдору” аттуу доклады менен чыгып сүйлөдү.

Конференциянын алдында, 10-ноябрда, Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун делегациясынын төрага Мирза-Улугбек Элчиевич Абдусаломов башында турган Өзбекстан Республикасынын Конституциялык сотунун судьялары менен эки тараптуу жолугушуусу болуп өттү.

Жолугушуунун жүрүшүндө тараптар конституциялык даттанууларды жана кайрылууларды кароо практикасынын, ошондой эле эки соттун ортосундагы кызматташтыкты бекемдөөнүн маселелерин талкуулашты. Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун төрагасы өзбек тарапка жылуу кабыл алгандыгы үчүн ыраазычылык билдирип, эки мамлекеттин конституциялык юстиция органдарынын ортосундагы туруктуу кесиптик өз ара аракеттенүүнүн маанилүүлүгүн баса белгиледи.




2025-жылдын 12-ноябрында Конституциялык соттун төрагасы Э.Ж. Осконбаев Азербайжан Республикасынын Конституциялык соту тарабынан өлкөнүн Конституциясынын кабыл алынгандыгынын 30 жылдыгына карата уюштурулган “Конституция жана азыркы укуктук системалардагы мыйзамдын үстөмдүгү” темасындагы эл аралык конференцияга катышты.





Иш-чара Азербайжандын Президентинин Администрациясынын колдоосу менен Баку шаарында Конституция жана эгемендик жылынын алкагында өттү. Конференция чет мамлекеттердин конституциялык сотторунун төрагаларын жана судьяларын, акыйкатчыларды, эл аралык уюмдардын жана эксперттик коомчулуктун өкүлдөрүн бириктирди.

Катышуучулардын арасында Таиланддан, Индонезиядан, Түркиядан, Грузиядан, Кыргызстандан, Азербайжандан, Россиядан, Беларустан жана башка өлкөлөрдөн келген делегациялар болду.

Ошондой эле Конституциялык соттун төрагасы баяндама жасап, конституциялык юстиция институттарын бекемдөө үчүн эл аралык эксперттик диалогдун маанилүүлүгүн белгиледи.

Укуктун үстөмдүгү, конституциялык принциптер жана азыркы укуктук чакырыктар маселелерин талкуулоо Конференциянын программасынын маанилүү бөлүгү болуп калды жана катышуучу өлкөлөрдүн конституциялык контролдоо органдарынын ортосундагы кесиптик өз ара аракеттенүүнү бекемдөөгө өбөлгө түзмөкчү.

2025-жылдын 20-ноябрында Минск шаарында (Беларусь Республикасы) “Евразия экономикалык бирлигинин мейкиндигинде мыйзамдын үстөмдүгүн камсыз кылуу” темасында Евразия экономикалык бирлигинин сотунун VIII эл аралык конференциясы болуп өттү. Иш чара түздөн-түз катышуу жана онлайн форматта өтүп, ЕАЭБ мүчө-мамлекеттеринин жогорку сот органдарынын өкүлдөрүн, ошондой эле эл аралык жана интеграциялык укук чөйрөсүндөгү



эксперттерди бириктирди. Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунан онлайн форматтагы конференцияга судья Ч. А. Айдарбекова катышты.

Катышуучулар интеграциялык сот адилеттигин өнүктүрүүнүн негизги багыттарын; улуттук системаларда ЕАЭБ укугун бир түрдүү колдонууга жетишүүгө жана ЕАЭБ мүчө мамлекеттеринин жогорку сот органдарынын өкүлдөрүнүн жарандардын укуктарын жана эркиндиктерин натыйжалуу коргоо боюнча милдеттерин аткарууда мазмундуу өз ара аракеттенүүсүнө жетишүү маселелерин талкуулашты.



Дискуссиянын алкагында судья Ч.А. Айдарбекова ЕАЭБ мүчө мамлекеттеринин сот органдарынын ортосунда диалог үчүн туруктуу кесиптик аянтчаны түзүүнүн маанилүүлүгүн баса белгиледи. Ал белгилегендей, мындай өз ара аракеттенүү катышуучуларды өз ара байытууга өбөлгө түзөт жана күн тартибиндеги конкреттүү жана так коюлган маселелерди талкуулоодо макулдашылган мамилелерди иштеп чыгууга мүмкүндүк берет.

Бул процессте конституциялык соттордун ролу жөнүндө айтып жатып, Ч.А. Айдарбекова бардык конституциялык контролдоо органдары Конституциянын үстөмдүгү принцибин карманышы керектигин жана чечимдерде билдирилген алардын укуктук позициялары мыйзам чыгаруучу жана укук колдонуу органдары үчүн концепт түзөөрүн белгиледи. Конституциялык текшерүүнүн фокусунда турган айрым укуктук маселелер ЕАЭБ сотунун да кароосунун предмети болушу толук мүмкүн. Буга байланыштуу соттордун актыларын андан ары аткаруу жана колдонуу үчүн тажрыйба алмашуу маанилүү.

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун катышуусу ЕАЭБге мүчө мамлекеттердин сот органдарынын кесиптик өз ара аракеттенүүсүн чыңдоого, интеграциялык сот адилеттиги чөйрөсүндө тажрыйба алмашууга жана Евразия экономикалык биргигинин алкагында бирдиктүү укуктук мамилелерди түзүүгө өбөлгө түзөт.

2025-жылдын 21-ноябрында Лакхнауда (Индия) глобалдык укуктук чакырыктарды талкуулоо үчүн жыл сайын ар кайсы өлкөлөрдүн судьяларын жана эксперттерин бириктирген дүйнөнүн башкы судьяларынын 26-эл аралык

конференциясынын ачылышы болуп өттү. Уюштуруучу Монтессори шаардык мектеби болду.

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунан судьялар М.Ш. Касымалиев жана К. Дж. Кыдырбаев катышты.




Судья, юридика илимдеринин доктору К. Дж. Кыдырбаев “Соттук кызматташтык жана талаштарды эл аралык чечүү” темасындагы 5-параллель сессиянын спикери болду.

Ал өз докладында Конституцияны урматтоо эл аралык укуктарга жана эл аралык сот органдарынын чечимдерине ишенимди арттырарын, ал эми көз карандысыз конституциялык сот адилеттиги алдын ала айтууга боло турган жана тынчтыкты сүйгөн мамлекеттүүлүктүн калыптанышына өбөлгө түзөрүн белгиледи.

Судья М. Ш. Касымалиев “Көп тараптуулук жана таасири орто деңгээлдеги мамлекеттердин ролу”аталыштагы экинчи панелдик талкууда сөз сүйлөдү. Ал белгилегендей, улуу державалардын атаандаштыгынын фонунда “көп тараптуу боштук” пайда болот, анда орто деңгээлдеги өлкөлөр коалиция түзүүгө, функционалдык эл аралык тармактарды колдоого жана глобалдык көйгөйлөрдү чечүүдө ортомчу боло алышат.

Конференциянын алкагында эксперттер эл аралык сот институттарын чыңдоо, жалпы укуктук стандарттарды иштеп чыгуу жана сот адилеттигинин улуттук жана эл аралык органдарынын ортосундагы кызматташтыкты өнүктүрүү зарылдыгын талкуулашты.

2025-жылдын 28-ноябрында Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунда төрага Э.Ж. Осконбаев Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан Жогорку Кеңештин депутаттарын шайлоого байкоо жүргүзүү үчүн аккредитацияланган КМШнын Парламенттер аралык ассамблеясынын эл аралык байкоочулары менен жолугушту. Миссияга сенаторлор, Шериктештик мамлекеттеринин парламенттеринин депутаттары, КМШ ПААнын өкүлдөрү жана Демократияны өнүктүрүүгө мониторинг жүргүзүүчү эл аралык институттун эксперттери кирди. Жалпысынан 70тен ашык байкоочу аккредитациядан өткөн.



Топтун жетекчиси М. Ватаназода миссиянын негизги максаты – шайлоо процессине кийлигишпөө принциптерин так сактоо менен добуш берүү процессин объективдүү байкоо жүргүзүү экендигин баса белгиледи. Ал кандай болбосун шайлоо – мамлекет, анын институттары жана саясий маданияты үчүн олуттуу сыноо болуп саналат, ал эми жана байкоочулардын милдети – калыстыкты жана нейтралдуулукту сактоо менен фактыларды жазып алуу экендигин белгиледи.

Жолугушуунун жүрүшүндө талапкерлер үчүн курактык ценз, талап кылынган күрөөнүн суммасынын өлчөмү, ошондой эле гендердик квоталарды сактоо тартиби талкууланды. Тараптар тиешелүү ченемдерди колдонуунун өзгөчөлүктөрүн, алардын атаандаштыкты жана шайлоолорго теңдеш катышууну камсыз кылуудагы ролун талкуулашты.



Өз кезегинде Конституциялык соттун төрагасы эл аралык байкоочулардын катышуусунун маанилүүлүгүн жана алардын шайлоо жол-жоболоруна карата ачык-айкындуулукту жана ишенимди жогорулатууга кошкон салымын белгиледи. Ал 2011-жылдан бери Конституциялык сот шайлоо укугунун маселелери боюнча 11 ишти карагандыгын баса белгиледи.

Жолугушуу ачык кызматташууга жана маалымат алмашууга болгон берилгендикти тастыктоо менен аяктады. Тараптар биргелешкен иш-аракеттер Кыргыз Республикасындагы укуктук институттардын өнүгүшүнө жана демократиялык процесстердин бекемделишине салым кошот деген ишенимин билдиришти.

2025-жылдын 29-30-ноябрында Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьясы Ч.А. Айдарбекова Индиянын Харьяна штатындагы Сонипат шаарындагы О.П. Джиндал университетинде өткөн “муткорт” форматындагы “Сот бийлигинин көз карандысыздыгы: укуктар, институттар жана жарандар боюнча салыштыруу келечектери” аттуу эл аралык конференцияга катышты.

Иш-чарага Индия, Кыргызстан, Непал, Түштүк Корея, АКШ, Германия, Франция, Бразилия, Мексика, Түштүк Африка жана башка өлкөлөрдөн сот өкүлдөрү, окумуштуулар жана эксперттер катышты.

Конференция сот бийлигинин көз карандысыздыгынын негизги аспектилерин, укук үстөмдүгүн камсыз кылууну жана адамдын

конституциялык укуктарын коргоодогу судьялардын ролун талкуулоо үчүн маанилүү глобалдык аянтча болуп калды.




Катышуучулар ар кайсы өлкөлөрдөгү сот бийлиги туш болгон кыйынчылыктарды: социалдык трансформацияларды, технологиялык жетишкендиктерди, отчеттуулук жана этика маселелерин, ошондой эле сот системасына болгон коомчулуктун ишенимин бекемдөө зарылдыгын талкуулашты. Азыркы конституционализм маселелерине, соттордун институционалдык туруктуулугуна жана сот системасын өнүктүрүүдөгү эл аралык тенденцияларга өзүнчө көңүл бурулду.

Судья Ч.А. Айдарбекова "Инклюзивдүүлүк жана сот бийлиги: ички реформалар жана тышкы коргоо" аттуу тематикалык сессиясында негизги баяндамачы катары сөз сүйлөдү. Ал өз сөзүндө сот системасында реалдуу теңчиликти камсыз кылууга комплекстүү мамиле кылуу зарылдыгын баса белгилеп, сот бийлигинин көз карандысыздыгы анын гендердик инклюзивдүүлүгүсүз толук эместигин, ал эми укуктарды натыйжалуу коргоо, эгерде ал ар кандай топтордун реалдуу социалдык динамикасын жана аярлуу экендигин эске албаса, коргоо мүмкүн эместигин баса белгиледи. Бул сессиянын алкагында эл аралык прецеденттерди жана конституциялык соттордун чечимдерин кошо алганда, теңчилик принцибинин бузулушу жөнүндө иштерди кароодо сот бийлигинин ролу; коопсуз жана адилеттүү жумуш чөйрөсүн камсыз кылган институционалдык реформалардын маанилүүлүгү; аял-судьялар үчүн насаатчылык механизмдерин өнүктүрүү; заманбап конституциялык дискурстун калыптанышына көрүнүктүү иштердин таасири сыяктуу маселелер талкууланды.

Жалпысынан алганда, Конституциялык соттун аталган иш-чараларга катышуусу соттун учурдагы конституциялык сот адилеттигинин күн тартибин калыптандыруудагы активдүү ролун жана анын эл аралык деңгээлде

системалуу кесиптик өз ара аракеттенүүгө даярдыгын тастыктады. Мындай катышуулар конституциялык көзөмөл органдарынын коомчулугунда Кыргызстандын позициясын бекемдеди, улуттук конституциялык юрисдикциянын таанымалдыгын жана аброюн жогорулатты, ошондой эле тиешелүү профилдик институттар жана эксперттик аянтчалар менен өнөктөштүк байланыштарды кеңейтүүгө өбөлгө түздү.

1-тиркеме

**Ченемдик жоболордун Кыргыз Республикасынын Конституциясына карама-каршы келерин (карама-каршы келбестигин) таануу**

| Жыл | Конституциялык соттун актыларынын (чечимдеринин жана корутундуларынын) жалпы саны | Кыргыз Республикасынын Конституциясынын ченемдерин чечмелөө | Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө мыйзам долбооруна боюнча корутунду | Ченемди Кыргыз Республикасынын Конституци-ясына карама-каршы келбейт деп таануу жөнүндө резолюция | Конституциялык соттун чечиминин жүйөлөштүрүүчү бөлүгүндө баяндалган конституциялык-укуктук маанисинде ченемди Кыргыз Республикасынын Конституциясына карама-каршы келбейт деп таануу жөнүндө резолюция | Ченемди Кыргыз Республикасынын Конституциясына карама-каршы келет, жарым-жартылай карама-каршы келет же ылайык келбейт деп таануу жөнүндө резолюция | Укуктук жөнгө салууну жүзөгө ашыруу зарылдыгы жөнүндө же милдеттүү түрдө аткарыла турган аракет катары каралууга тийиш экендиги жөнүндө көрсөтмө | Соттун чечиминин түшүндүрмөсү менен токтом | Соттун чечимин кайра кароо |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 2022 | 10 | - | | 6 | | 3 | 8 | - | - |
| 2023 | 20 | 1 | | 7 | | 15 | 19 | - | 1 |
| 2024 | 11 | - | | 7 | | 2 | 3 | - | - |
| 2025 | 10 | - | 1 | 10 | 1 | - | 5 | 2 | - |

Эскертүү: актылардын (анын ичинде чечимдердин) жалпы саны ченемдерди Конституцияга ылайык келет (ылайык келбейт) деп таануунун жыйынтыктары менен дал келбеши мүмкүн, анткени бир актыда (анын ичинде чечимде) бир нече резолюция камтылышы мүмкүн.

2-тиркеме

**Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун чечимдерин аткаруу максатында 2025-жылы кабыл алынган мыйзамдардын жана башка ченемдик укуктук актылардын тизмеси**

| №№ к/м | Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун чечими | Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун чечимин аткаруу максатында кабыл алынган мыйзам же башка ченемдик укуктук акт | Эскертүү |
|---|---|---|---|
| 1 | Жаран Асанбек Камчынын кызыкчылыгын көздөгөн С.М. Манукяндын кайрылуусуна байланыштуу “Уюшкан кылмыштуулукка каршы аракет жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 15-беренесинин 5-бөлүгүнүн, 21-беренесинин 3, 5, 7-бөлүктөрүнүн, 22-беренесинин 1-бөлүгүнүн 1-5-пункттарынын конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун 2016-жылдын 2-ноябрындагы Чечими | 2025-жылдын 23-июнундагы № 125 «Уюшкан кылмыштуулукка каршы аракеттенүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын *Мыйзамы кабыл алынган.* | - |
| 2 | Жалал-Абад шаардык сотунун судьялары Алтынбек Калмамат уулу жана Аида Айдаралиевна Апысованын суроо-талабына байланыштуу Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 87-беренесинин 1, 2-бөлүктөрүнүн | 2025-жылдын 12-февралындагы № 37 «Салык салуу чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы кабыл алынып, | Бирок, талашылып жаткан ченемдин күчүн жоготту деп таануу жана өлкөнүн чегинен чыгуу укугун чектөөнүн жаңы тартибинин киргизилиши Конституциялык соттун Кыргыз |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун 2022-жылдын 29-июнундагы Чечими | Салык кодексинин 87-беренеси күчүн жоготту деп таанууша берилди. | Республикасынын чегинен чыгуу укугун сот тартибинде чектөөгө, ар бир адамдын салыктарды жана жыйымдарды төлөө боюнча милдетинин аткарылышын камсыз кылуу зарылдыгына байланыштуу берген конституциялык-укуктук баалоосу контекстинде толук көлөмдө аткарылды деп бир мааниде тыянак чыгарууга мүмкүндүк бербейт. |
| 3 | "Бир Дүйнө – Кыргызстан" укук коргоо кыймылы" КБнын кайрылуусуна байланыштуу "Коммерциялык эмес уюмдар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 17-беренесинин 2, 3-бөлүктөрүнүн конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун 2023-жылдын 7-июнундагы Чечими. | «Айрым коммерциялык эмес уюмдардын отчеттуулук маселелери боюнча Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын *Мыйзамы кабыл алынды* (ЖК – 24.09.2025). | - |
| 4 | Ж.Ж. Кадыровдун кайрылуусуна байланыштуу «Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын | Кыргыз Республикасынын Президентинин демилгеси боюнча 2025-жылдын 19-февралындагы № 39 «Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз | - |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | шайлоо жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 601-беренесинин 3-бөлүгүнүн экинчи сүйлөмүнүн конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун 2023-жылдын 15-ноябрындагы Чечими. | Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамы кабыл алынды. | |
| 5 | К.А. Тусучеванын кызыкчылыгын көздөгөн А.М. Осмоналиеванын кайрылуусуна байланыштуу Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 218 жана 303-статьяларынын, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2000-жылдын 24-мартындагы №158 "Аялдардын эмгегин колдонууга тыюу салынган эмгек шарттары зыяндуу жана (же) коркунучтуу өндүрүштөрдүн, жумуштардын, кесиптердин жана кызматтардын тизмелери жөнүндө" токтомунун конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун 2023-жылдын 22-ноябрындагы Чечими. | 2025-жылдын 23-январындагы № 23 Кыргыз Республикасынын Эмгек кодекси жана № 24 жана «Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексин колдонууга киргизүү жана Кыргыз Республикасынын эмгек чөйрөсүндөгү айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы кабыл алынды.<br><br>Аталган Мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирди. | Бирок, жаңы Эмгек кодексин, анын ичинде 18 жашка чыга элек адамдардын жана аялдардын эмгегин колдонууга тыюу салынган иштерге тиешелүү 139-беренесинин кабыл алынышы Конституциялык соттун Чечими толук көлөмдө аткарылды деп бир мааниде тыянак чыгарууга мүмкүндүк бербейт, анткени анда көрсөтүлгөн Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2000-жылдын 24-мартындагы № 158 токтому азыркы учурда дале күчүндө жана аны актуалдаштыруу зарыл. |
| 6 | А.В. Москаленконун "Канцлер" ЖЧКнын кызыкчылыгын көздөгөн | 2025-жылдын 11-январындагы № 3 «Кыргыз Республикасынын айрым | - |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | И.В. Плахутиндин кайрылууларына байланыштуу Кыргыз Республикасынын Жарандык процесстик кодексинин 373-беренесинин 1-бөлүгүнүн, 375-беренесинин 1-бөлүгүнүн тиешелүү түрдө “иштин маңызы боюнча чыгарылган” жана “иштин маңызы боюнча” деген сөздөр менен баяндалган ченемдик жоболорунун конституциялуулугун текшерүү, ошондой эле “Мамыр” АКнын кызыкчылыгын көздөгөн Э.С. Адыловдун кайрылуусуна байланыштуу Кыргыз Республикасынын Административдик-процесстик кодексинин 267-беренесинин 2-бөлүгүнүн конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун 2023-жылдын 27-декабрындагы Чечими. | мыйзам актыларына (Кыргыз Республикасынын Административдик-процесстик кодексине, Кыргыз Республикасынын Жарандык процесстик кодексине) өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы кабыл алынды. | |
| 7 | Айрым жарандардын жана Бишкек шаарынын мэриясынын кайрылууларына байланыштуу Кыргыз Республикасынын Административдик процесстик кодексинин 110-беренесинин 8-бөлүгүнүн | 2025-жылдын 28-февралындагы № 48 «Кыргыз Республикасынын Административдик-процесстик кодексине өзгөртүү киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы кабыл алынды. | - |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун 2024-жылдын 6-мартындагы Чечими. | | |
| 8 | Н.Д.Молдогазиевдин кайрылуусуна байланыштуу Кыргыз Республикасынын Жарандык процесстик кодексинин 129-беренесинин 7-пунктунун жана 131-беренесинин 2-бөлүгүнүн 3-пунктунун конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун 2024-жылдын 13-ноябрындагы Чечими. | 2025-жылдын 31-июлундагы № 182 «Кыргыз Республикасынын Жарандык процесстик кодексине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы кабыл алынды. | - |